Б. С. ТЕТЕНЬКИН



В. А. СУХОМЛИНСКИЙДИН ЖАРАТЫЛЫШ ЖӨНҮНДӨГҮ ИДЕЯЛАРЫН КЫРГЫЗСТАНДЫН МЕКТЕПТЕРИНИН ПРАКТИКАСЫНДА ПАЙДАЛАНУУ

МЕКТ.

Б. С. ТЕТЕНЬКИН

В. А. СУХОМЛИНСКИЙДИН ЖАРАТЫЛЫШ ЖӨНҮНДӨГҮ ИДЕЯЛАРЫН КЫРГЫЗСТАНДЫН МЕКТЕПТЕРИНИН ПРАКТИКАСЫНДА ПАЙДАЛАНУУ

МЕКТЕП БАСМАСЫ
ФРУНЗЕ 1979

371.01 Индекс ББК 74. 2
Т 37

Которгон Бекбосун Орозалиев

Тетенькин Б. С.

Т 37 В. А. Сухомлинскийдин жаратылыш жөнүндөгү идеяларын Кыргызстандын мектептеринин практикасында пайдалануу. / Которгон Б. Орозалиев. — Ф.: Мектеп, 1979. — 76 бет.

Бул китеп В. А. Сухомлинскийдин жаратылыш жөнүндөгү идеяларын мектептерде жайылтуу боюнча мугалимдердин тажрыйбасын корутундулайт.

371.01
ББК 74.2

Т $\frac{60403—300}{М\ 452\ (17)—79}$ 100. 79. 4306000000.

© «Мектеп» басмасы, 1979-ж.
Кыргызча которулду.

КИРИШ СӨЗ

Совет мамлекети өзүнүн жашай баштаган биринчи күндөрүнөн тартып эле биздин учурубуздун зор маанилүү проблемасын — жаратылышты рационалдуу пайдалануу жана аны акыл-эстүүлүк менен кайра өзгөртүү проблемасын ийгиликтүү чечүүнүн кеңири мүмкүндүктөрүн практика жүзүндө көрсөтүп, курчап турган чөйрө жөнүндө ыраattуу жана үзгүлтүксүз гумандуу камкордук көрүп келатат. Мына ушул аракеттин баары тең эл чарбасын өнүктүрүү жана адамдын турмушун жакшыртуу үчүн ыңгайлуу шарттарды түзүү максатында жасалат.

КПССтин XXV съезди жаратылышты коргоо маселелерине өзгөчө көңүл бөлдү. «СССРдин эл чарбасын 1976 — 1980-жылдарда өнүктүрүүнүн негизги багыттарында»: «Курчап турган чөйрөнү коргоо, жаратылыш ресурстарын рационалдуу пайдалануу жана калыбына келтирүү боюнча иш чаралар иштелип чыксын жана ишке ашырылсын» деп белгиленди (КПССтин XXV съездинин материалдары. «Кыргызстан» басмасы, Фрунзе, 1976, 204-бет). Биздин өлкөдө жаратылышты коргоо проблемасынын канчалык зор маанилүү экендиги «СССРдин граждандары жаратылышты сактоого, анын байлыктарын коргоого милдеттүү» деп көрсөтүлүп, СССРдин жаңы конституциясынын 67-статьясынан орун алган фактысы менен далилденет.

Мына ушинтип, социализмдин, чарбаны пландуу жүргүзүүнүн шарттарында жаратылышты коргоо проблемасы мамлекеттик масштабга айланып, жалпы элдин камкордугу болуп калды. Мындан бардык экономикалык, нравалык, эстетикалык жана биологиялык аспектилердеги коомдун турмушунун зарыл шарттары катарында жаратылышты жана анын ресурстарын өнүктүрүүгө жана кайра өзгөртүүгө карата окуучуларда или-

мий көз карашты максатка багытталгандык менен калыптандыруу негизинде жаткан курчап турган чөйрөгө түшүнгөндүк, жаратылышты коргогондук менен жаңыча мамиле кылууну тарбиялоо мектептин эң маанилүү милдеттеринин бири деп эсептөө керек экендиги келип чыгат (И. С. Матрусов. Мектеп жана жаратылышты коргоо. М., 1976, 5-б.).

Азыркы учурдагы көрүнүктүү педагог В. А. Сухомлинский жаратылышты ириде мына ушундай кеңири масштабда карап, жаратылыш менен активдүү байланышкан окуучуларга анын тарбиялагыч таасир этүү маселесин изилдөөгө өзгөчө көңүл бөлүп келген.

§ 1. Жаратылыш менен байланыш процессинде окуучулардын акылынын жетилиши.

Ар тараптан өнүккөн адамды, өзгөчө окуучулардын акыл-эстүү болуп өсүп жетилген сыпаттарын тарбиялоонун көбүрөөк натыйжа берүүчү жолдорун издөө ишинде Сухомлинский дайыма билимдин эң маанилүү булагы катарында жаратылышка кайрылат. Окуучуларга курулай эле үстүртөн билим берүүгө келишпестик менен каршы чыгып, ал мындай деп айткан: «Эң маанилүү билим булагы болгон курчап турган дүйнө, жаратылыш жөнүндө унутуп коюп, биз балдарды жаттап алууга аргасыз кылабыз жана ошону менен бирге алардын ой жүгүртүү жөндөмдүүлүгүн мокотобуз» (Мектептин жаш директору менен аңгеме. М., 1973, 9-б). Мына ошондуктан, жаратылыш менен байланыш процессинде берип жаткан билим чыныгы билим экендигине окуучуларды ынандыруу үчүн, аларды класстуу имараттан мүмкүн болушунча көбүрөөк сыртка алып чыгып жүрүүнү ал мугалимдерге сунуш кылган. Ошону менен бирге ал экскурсияларга да жогору баа берген. Экскурсияга чыгуу процессинде окуучулар жаратылыштагы нерселер менен кубулуштарга гана байкоо жүргүзүп тим болбостон, алар эмненин натыйжасында пайда болгондугунун себептерин билүүгө жана айкындоого аракет кылып, мына ошолор жөнүндө да өздөрүнчө ой жүгүртүшөт, башкача айтканда, мында жаратылыш ой жүгүртүүнүн булагы катарында да каралат: «Ириде жаратылыштын кучагында жүргөндө логикалык ой жүгүртүүгө үйрөтүү керек» (ошондо эле, 11-бет).

Жаратылышты таанып-билүү каражаттарынын бири катарында айлана-чөйрөгө байкоо жүргүзүүнү көп мугалимдер практика жүзүндө колдонуп келаткандыгына карабастан, В. А. Сухомлинский, көп байкоо жүргүзгөн менен, анын керектүүлөрүн аз байкап калууга болот, башкача айтканда, мугалимдин милдети — балдарды туура байкоо жүргүзүүгө үйрөтүү болуп саналат деп, айрыкча белгилейт. «Мына ушундай шартта гана байкоо жүргүзүүнүн аркасында алардын баамдагычтыгы өнүгүп, акылынын жетилиши иштелип чыгат» (ошондо эле, 16-бет).

Байкоо жүргүзүү өзүнчө бир максатка багытталганда гана күткөн натыйжаны берет деген пикирди методисттердин көпчүлүгү колдойт. В. А. Сухомлинский мындай пикирге макул болот, бирок ал, мугалим эмне десе, ошону балдардын билбестен аткара беришине каршы турат. Мугалим балдарды алдыда боло турган өз алдынча байкоо жүргүзүүнүн максатына түшүнүүгө алып келип, мына ошондон кийин гана аларга инструкция берүүгө тийиш. Бул учурда ал Аристотелдин ой жүгүртүү таң калуудан башталат деген классикалык эрежесин пайдаланат. Ошондуктан ал, байкоо жүргүзүү үчүн болжолдонуп жаткан объектиге окуучулардын көңүлүн буруудан мурда, ыңгайлуу бир убакыт таап туруп, мындай мүнөздөгү суроолорду берет: «Силер айланачөйрөңөрдөн байкагандарыңардын кайсыларын өзгөчө белгилеп көрсөтөөр элеңер? Эмне силерди толкундантып, дегдетет? Эмнелер кубантат? Эмнелер кыжырыңарды келтирет?» Адегенде балдар мугалимге түшүнбөй да калышы мүмкүн, бирок, алардын жаңы шартка бат түшүнүп, курчап турган дүйнөнүн ичинен өтө маанилүүсүн айырмалай биле алышы үчүн, акырындык менен ушундай ыкма колдонуп кайрылуу толук жетиштүү болот. Адатта байкоо жүргүзүү жөндөмдүүлүгүнүн бул сыяктуу машыгуусу же экскурсия-сабактарынын убагында, же сабактан тышкаркы убакта өзүнчө жекече тартипте болуп турат. Балдарда байкагычтыкты тарбиялоону көздөгөн бул сабактарды «таанып-билүүнүн башталмасы» деп Сухомлинский абдан элестүү атаган (Гражданиндин туулушу. М., 1971, 307-б.). Тарбияланууучулар мына ушундай байкагычтык сыяктуу маанилүү сапатка ээ болгондугуна көз жеткенден кийин гана аларга каникулда жүргөндө болобу, экскурсияга барганда

болобу, өз алдынча байкоо жүргүзүүнү ишенип тапшырса болот. Жогоруда көрсөтүлгөн сапатка канчалык даражада ээ болгондугун байкоо жүргүзүү материалдары боюнча аңгеме өткөрүү же сочинение жаздыруу жолу менен аныктоого болот.

Мына ушинтип, окуучулар менен бир тууган крайдын жаратылышын терең үйрөнүүнү баштоодон мурда, В. А. Сухомлинский алардын акыл-эс жагынын даярдыгына көп көңүл бурган, анткени, жаратылыш ага билгичтик менен камкор мамиле кылууга татыктуу деп эсептеген. Ириде мына ошондуктан ал максатсыз сейилдеген экскурсияларга чечкиндүү түрдө каршы чыгып, ар бир экскурсиянын баарыдан мурда таанып-билүүчү маанниси болууга тийиш деген. Ошону менен бирге мындан сейилдөө, ойноо элементтери чыгарылган эмес.

Окуучуларды акыл-эстүүлүккө даярдоо алдыга койгон милдеттерди алардын аткара алышы үчүн гана эмес, жаратылыш менен байланыш процессиндеги изилдөөлөргө тынымсыз кызыгуусун колдоо үчүн да керек. «Баланын өспүрүм кезинде,— деп белгилейт педагог,— жаратылыш менен болгон байланыщ улам жаңы жана жаңы ачылыштарды талап кылат» (ошондо эле, 256-б.). Педагогдун билгичтик менен багыт берүүсү астында жаратылышта окуучулар өткөрүп жаткан үзгүлтүксүз байкоо жүргүзүүлөр акыр-аягында улам көбүрөөк квалификациялуу жана аң-сезимдүү болуп баратат. «Бул ишти аткаруу менен, ал (окуучу) жөн эле илимий билимдердин чындыгына ишенип тим болбостон, илим үчүн, адамдын өздөштүрүп таанып-билгендери үчүн бекем калып алган сыймыктануу сезиминде болуп калат» (ошондо эле, 265-б.). Окуучулардын жаратылыш менен болгон байланышынын мына ушундай жалпы билим бергич маанисин педагог жыйынтыгында көрөт.

Кыргызстандын мугалимдери менен көп жылдардан бери байланышыбыз, Сухомлинскийдин жаратылыш жөнүндөгү педагогикалык идеялары, ириде байкоо жүргүзүү ыкмаларына көнүктүрүүдөн башталуучу өзгөчө окуучуларды акыл-эстүү кылып тарбиялоо багытында алардын улам чоң колдоосуна ээ болуп келатат деп айтууга бизге мүмкүндүк берет. Байкоо жүргүзүү боюнча машыгуу сабактары үчүн класстын жаратылыш бурчу өтө ыңгайлуу, анда тажрыйбалуу мугалимдер биринчи класстан тартып эле балдар менен иштей башташат. Жа-

ратылыш бурчунун объектилеринин абалы (бөтөлкөгө суу куюп салып коюлган даректардын бүрдөп ачылып келаткан бутакчалары, дан өсүмдүктөрүнүн өнүп чыккан уруктары, алардын өсүп чыгышы ж. б.) табигый шарттарда өсүп келаткан өсүмдүктөрдүн мына ушундай абалдагысынан бир аз озуп кеткен абалда болушу өтө маанилүү. Башкача айтканда, жаратылышта жүрүп турган фенологиялык кубулуштарды мугалим жакшы билүүгө тийиш. Класстын жаратылыш бурчунда байкоо жүргүзүүнүн керектүү ыкмаларына ээ болуп, окуучулар экскурсиялардын же өзүнчө айрым берилген тапшырмаларды аткаруу процессинде буга окшогон байкоо жүргүзүүлөргө аң-сезимдүүрөөк гана мамиле кылбастан, белгилүү даражада өз алдынчалыкты жана чыгармачыл активдүүлүктү да көрсөтө алышат. Мисалы, Жети-Өгүз районунун Тамга орто мектебиндеги мугалим Л. И. Степаненконун иштөө принциби мына ушундай. Биз аны менен мындай эксперимент өткөрүп көрдүк. Жаз мезгилинде экинчи класстын окуучулары менен жемиш багына экскурсияга баруу сабагынын убагында алардын ар бирине — жаратылышта жүрүп жаткан жазгы көрүнүштөрдү белгилеп чыгуу жана ошо белгилегендерин анча чоң эмес сочинение түрүндө үйдөн баяндап жазып келүү тапшырмасы берилген болчу. Биринчи класста эле ар бир окуучу тандап алган мөмөлүү дарак байкоо жүргүзүүнүн негизги объектиси болуп калды. Иш мугалимдин ыраатуулук менен берип жаткан суроолоруна ылайык жүргүзүлдү. Адегенде окуучулар суроолорго тыкандык менен жооп берип жатышты, бирок кийин алардын көңүлү пландаштырылбаган объектилерге (эл кайда көчөттүн чөп биттерин жешине, бакчы үлүлүнүн кара өрүктүн сөңгөгү менен жылып жүрүшүнө ж. б.) улам алагды боло баштады. Ошондой болсо да койгон суроолоруна жооп алууга мугалим жетишип жатты, бирок окуучулар демилге көрсөтүшкөн жок. Алар кезектеги суроо даярдалып жатканын билип, өздөрү кызыгып калган ишке кайра киришүү үчүн, ага батыраак жооп бере салууга аракет кылышат. Экскурсиянын натыйжалары боюнча жазылган сочинениелер өтө эле жөнөкөй болуп чыкты.

Жоопторду байкап көрүп, биз, мугалим педагогикалык жакшы натыйжага жетишүү үчүн окуучуларды алдыда боло турган байкоо жүргүзүүнүн максатына өз

алдынча түшүнүүгө билгичтик менен алып келүүгө тийиш, мына ошондон кийин гана аларга инструкция берүүгө болот деген жыйынтыкка келдик.

Экинчи класстын окуучуларынын эми башка муундары менен ушул эле мугалим өткөргөн жемиш багына экскурсияга баруунун жогоруда белгиленип өткөн кээ бир мүнөздүү учурлары менен айткандарыбызды далилдеп кетелик.

Мугалимдин тапшырмасы боюнча экскурсиянын алдында кээ бир окуучулар жаратылыштын айрым предметтерине же көрүнүштөрүнө (курт-кумурскалардын тиричилигиндеги, жемиш даректарындагы, огороддогу маданий өсүмдүктөрдөгү, отоо чөптөрдөгү, адамдын эмгегинин тиричилик мүнөзүндөгү өзгөрүүлөргө) байкоо жүргүзүштү. Байкоо жүргүзүүнүн натыйжаларын мугалим өзүнчө жеке тартипте контролго алып турду.

Классты экскурсия өтүлө турган жерге алып келип, ал, балдарга тегерегин көңүл коюп карап, айрыкча эмнени белгилешкенин айтууну сунуш кылат. Албетте, мурда байкоо жүргүзгөндөрдүн ар бири баарыдан мурда өз тапшырмасынын объектилерине көңүл бурду. Акырындык менен төмөндөгүлөр айкын болду: жалгыз турган алма дарагынын жалбырактарын алма күбөсүнүн гусеницасы толугу менен дээрлик жеп жок кылган; жемиш багынын чет-жакасына, теректер менен кара жыгачтарга жакын жайланышкан алма даректарынын жалбырактары баарынан көп зыян тарткан; мектеп алдындагы участокко жанаша жайланышкан огороддордогу маданий өсүмдүктөр отоо чөбү жок же анда-мында эле бирин-серин серейген жеринде жакшыраак өсүп чыккан.

Аңгеме процессинде адеп караганда кандайдыр адаттан тышкары болуп көрүнгөн бул кубулуштардын себептери айкындалат. Жоопторду көбүнчө мурда тийиштүү объектилерге байкоо жүргүзүшкөн окуучулар өздөрү беришет. Ошону менен бирге, адамдын эмгек шарттарына байкоо жүргүзгөн окуучулар, зыянкечтерге каршы ууландыруучу эритме бүркүшкөндө бул жалгыз турган алма дарагын унутуп коюшкан окшойт, ошон үчүн анын жалбырактарын зыянкечтер жеп жок кылса керек деп болжошту. Жемиш багын тегерете курчап турган теректер менен кара жыгачтардын сөңгөгүнөн курт-кумурскалардын туун кеткен жумурткаларын көп көрүшкөнүн

ошолорго байкоо жүргүзгөн балдар айтып бериштн. Ууландыруучу эритмени негизинен жемиш бактарына бүрктүрүшкөндүктөн, теректер менен кара жыгачтардагы зыянкечтер жакшы сакталып калат да, анан алма даректарына келип жайланып алышат. Мына ошон үчүн чет-жакалардагы жемиш багынын алмалары көбүрөөк зыян тарткан. Өсүмдүктөргө байкоо жүргүзгөн окуучулар: отоо чөптөр жер кыртышынан азык болуучу заттарды соруп алат, бул жер бөлүктөрүндөгү огород өсүмдүктөрүнүн жабыр тартканы мына ошондон, деп жооп бериштн.

Бул көрсөтүлгөн үлгүдөн мугалим балдарга тан калуу аркылуу ой жүгүртүүгө түртку берди. Алдын ала иштелген байкоо жүргүзүүлөрдөн алынган жаратылыштагы жазгы кубулуштар жөнүндө маалыматтардын жетиштүү запасы бар болуп, байкагычтык сапатка ээ болгондуктан, анын үстүнө ой жүгүртүп аракет кылуунун керектүү багытын алгандан кийин тапшырманы андан ары аткарууну окуучулар өз алдынча иштей алышат. Бирок биздин үлгүдөн төмөндөгү өзгөчөлүктү белгилей кетсе болот. Адеп сыртынан карганда, алдын ала өзүнчө тапшырмалар окуучуларга бири-биринен бөлөк темалар боюнча берилгендей болду (өсүмдүк, жаныбар, адам). Аңгеменин жүрүшүндө мугалим жөн эле окуучулардын көңүлүн буруп, аларды ой жүгүртүүгө мажбур кылып тим болбостон, жаратылыштагы бардык кубулуштар жана бул жагындагы адамдын эмгегинин мүнөзү өз ара байланыштуу экендигине ынандыра алды (алманын жалбыректарынын бүрдөп ачылышы — ага алма күбөсүнүн каптап кириши — бул зыянкечке каршы адамдын жүргүзгөн күрөшү).

Жаратылыштагы жаз мезгилин баяндап жазуу кийин дал мына ушундай планда иштелген эле. Анын үстүнө окуучулардын ой жүгүртүүсү жетиштүү даражада активдештирилгендиктен, алар аңгеме убагында айтылбаган кээ бир кызыктуу моменттерди келтирип, көбүрөөк байкагычтык көрсөтө алышты. Мисалы, биринчи кезекте күн көбүрөөк тийген алмалардын жалбыректары бүрдөп ачыла тургандыгы жөнүндө, алманын жалбыректарына алма күбөсүнүн каптап кирүү мезгилинде, чыйырчыктардан башка, адатта таштандылар же өсүмдүк тамактары менен азыктануучу таранчылар аларды көп сандап жок кыла тургандыктары жөнүндө айтып бере алышат.

Кеп, ушул убакта таранчылардын соргок балапандары талпынып калгандыгында, ал эми алма күбөсүнүн гусеницалары — жеми үчүн ыңгайлуу объект болгондугунда.

Мына ушинтип, окуучулардын чыгармачыл ой жүгүртүүсүн активдештирүүдө ийгиликке жетишүү үчүн Л. И. Степаненко, байкоо жүргүзүү боюнча практикалык билгичтиктерден жана ыкмалардан башка, окуучуларды акыл-эс жагынан даярдоого көп көңүл бурат, бул максатта тааныш-билүүнүн негизги булагын — билгичтик менен камкор мамиле кылууга татыктуу болгон жаратылышты пайдаланат. Ошондуктан максатсыз сейилдеп келүү экскурсиялары анын иш практикасынан такыр кезикпейт. Ар бир экскурсиясынын баарыдан мурда тааныш-билүүчү мааниси бар. Мында сейилдөө менен оюндардын элементтери кайсы гана экскурсиядан болбосун алып таштабайт.

Жаратылыш менен байланыш процессиндеги окуучуларды акыл-эс жагынан даярдоо практикасынан кандайдыр бир белгилүү экскурсиянын керектүү натыйжасына жетишүүгө караганда, бул мугалимдин олуттуураак милдети бар экендиги байкалат. Өзүнүн тарбиялануучуларынын жаратылыштагы изилдөөлөргө тынымсыз кызыгууларын колдоп туруу — анын милдети болуп саналат. Башталгыч класстарда салынган негиз улам чоңураак тартканда жаратылышты үзгүлтүксүз изилдөө үчүн акыр-аягында мыкты фундамент болуп калышы мүмкүн. Ал эми орто жана жогорку класстарда жаратылышка карата тынымсыз кызыгууну улам жаңы ачылыштарга умтулууну канааттандыруунун аркасында гана колдоп турууга болот. Мугалимдин билгичтик менен жетекчилик кылуусунун аркасында окуучулар өткөрүүчү байкоо жүргүзүү гана көбүрөөк квалификациялуу жана аң-сезимдүү болот. Мында окуучу илимий билимдердин чындыгына гана ишенип тим болбостон, анын илимге, адамдын жөндөмдүүлүгүнө ишенүү сезими да бекемделет. Окуучулардын жаратылыш менен болгон байланышынын жалпы билим бергич мааниси мына ушундай.

Мына ушинтип, экскурсия жана байкоо жүргүзүү процессиндеги жаратылышты үйрөнүү материалдарын окутуу учурунда жаратылыштын предметтери менен кубулуштарына билимдин жана ой жүгүртүүнүн булагы

катарында мамиле кылууну окуучулардын акылын жетилтүү жолдорунун бири деп эсептөө керек экендигин мугалимдердин практикасы көрсөттү.

Жаратылыш менен байланышканда экскурсияларды жана байкоо жүргүзүүлөрдү өткөрүүнүн проблемалуу мүнөзү окуучуларды акыл-эс жагынан тарбиялоо боюнча алдыга коюлган милдетти чечүүнүн эң маанилүү жолу болуп саналат. «Проблемалуу сабак берүү дегенибиз жана материалды үйрөнүү жаратылыш менен активдүү өз ара аракеттешүүдөн башталат», — деп жазган В. А. Сухомлинский (Мектеп жана жаратылыш, 1970, 37-б.).

Бирок биз атайын андан баштаган жокпуз. Кеп, экскурсия өткөрүүнүн методикасы проблемалуу окутуунун талаптарына толук туура келгендигине биз байкоо жүргүзгөндүгүбүздө болуп жатат, ал эми тийиштүү натыйжа бербей калгандыгынын себеби, окуучулардын акыл-эс жагынан даярдыгы мындай методикага туура келбегендигинде гана болду. Ошон үчүн биз бул параграфтын биринчи бөлүгүн табигый жаратылыш шарттарында кенже мектеп окуучуларын ириде акыл-эс жагынан тарбиялоо боюнча мугалимдердин иш тажрыйбасына арнадык.

Өздөштүрүлө турган билимдердин проблемалуу баяндалышы — экскурсиялардын убагында окутуунун өтө кеңири таралган ыкмасы болуп саналат жана ал ыкманы, изденүү аңгемесиндей эле, мугалимдердин көпчүлүгү өздөштүрүшкөн. Экскурсиянын темасынын аталышынын өзүнөн эле көп учурларда окутуунун бул методдорун сөзсүз пайдалануу зарылдыгы келип чыгат («Суунун башы кайерден башталат?», «Жаныбарлар кышка кантип даярданышат?» ж. б.). Ошондуктан биз бул маселелерге анча көп токтолбойбуз. Изилдөө методуна бир кыйла орун берилген экскурсияларда мугалимден чоң чеберчилик талап кылынат.

Лейлек районундагы «Тогуз-Булак» орто мектебинин III классынын мугалими А. Жалилов өткөргөн топурагы жылаңачталган жерлерге экскурсия жүргүзүү процессинде проблемалуу окутуу методдорун пайдалануунун үлгүсүн келтирели. Мында биз толук баяндап жазууну максат кылып койгон жокпуз, анткени кенже мектеп окуучулары менен экскурсия өткөрүү методикасы ар түрдүү булактарда жакшы жазылган, ошондуктан биздин

изилдөөбүздүн темасы үчүн мүнөздүү болгон кээ бир учурларга гана токтолмокчубуз.

Окуучулар менен изилдей турган жерге (суусу шаркырап аккан кууш жантаймалуу тоонун ылдыйкы өрөөнүнө) келип, мугалим аларга айлана-тегерегин карап, кызыгарлык кандай өзгөчөлүктөрү бар экендигин белгилеп кетүүнү сунуш кылат. Бир аз талкуулап пикир алышып тургандан кийин балдар суу боюндагы төшөлүп өскөн көк шибер менен андан обочороокто, өзгөчө тик өөдө кеткен жантаймада өскөн чөптүн айырмасы такыр башкача экендигин көрүшөт. Суунун жээктери көк-жашыл тартып кулпунса, тоонун боорлору бопбоз болуп бозоруп, чөбү күйүп кескин айырмаланат. «Эмне себептен?» деген проблемалуу ситуация келип чыгат. Ошондо алган билимдин проблемалуу баяндалышы башталат. Окуучулардын алдын ала берген жоопторунун негизинде, мугалим алардын кандай ой жүгүртүп жатышканын байкайт да, өсүмдүктөрдүн өсүү шарттары жөнүндөгү материалга кайрылып, өсүмдүктүн жакшы өсүшү үчүн күндүн жарыгы, суу, аба жана жылуулук зарыл экендигин алардын эсине салат (алар өздөрү да буга анчамынча кошумчалап айтышат). Ар бир компонент өзүнчө айрым талдалып чыгат, башкача айтканда проблемалуу ситуацияны чечүүнүн жолдорун издөө жүргүзүлөт. Бул учурда изденүү аңгемесине жогору баа берилип, суунун жээктеринде көк-жашыл тарткан ширелүү чөп жайкалып өскөн болсо, жогору тоонун боорлорунда өскөн чөп бозомтук-саргыч тартып куурап кеткендигинин себеби болуп калган компоненттерди табуу милдети коюлат. Өрөөндө да, тоонун боорлорунда да күндүн жарыгы толук жетиштүү экендиги аныкталат. Жылуулук да ошондой эле жетиштүү. «Ал жетишпей жаткан—нымдуулук!» деген туура жооп табуу гана калат. Чынында эле ылдыйкы суунун жээктеринде өскөн өсүмдүктөргө караганда тоонун боорлорундагы өсүмдүктөр өзүнө сууну алда канча аз алышат жана дайым эле жаан боло бербейт. Бирок мугалим окуучуларды ушул ойлогон ою менен эле чектеп койбойт. Жайкы каникул убагында алардын көбү ата-энелери менен бирге бийик тоо жайыттарында, ал тургай ашуу ашып, чокуларынан ак кар, көк муз кетпеген тоо тундрасына чейин болушкан, анда нымдуулук абдан жогору, бирок ошондой болсо да, өсүмдүктөр өзүнүн өнүгүүсүндө өтө эле өксүп калган.

Мына ушулардын бардыгы жөнүндө мугалим балдардын эсине салат. Алар буга толук макул болушат. Демек, акыры айланып келип кеп жылуулукта болот экен да? Тоо тундурасында өсүмдүктөр өскөн мейкиндикте күндүн жарыгы абдан жетиштүү болгондугуна карабастан, дайыма дээрлик салкын болуп, ал тургай көп учурларда суук да болуп кетет эмеспи.

Өсүмдүктөрдүн өсүп жетилишинде жылуулук чоң роль ойноп тургандыгы талашсыз, деп жооп кайтарат мугалим, бирок ошол эле замат жылуулук менен жарык көп болгон, бирок нымдуулук жетишпеген учурда өсүмдүк өтө начар өскөн Лейлек районунун пахта айдоочу территорияларындагы өсүмдүктөрдүн тиричилик шарттары жөнүндө алардын эсине салат. Бул участоктордо жакшы пахта өсүмдүгүн өстүрүп алуу үчүн сугаруу шарттары бар болсо дагы зор эмгек сарптоого туура келет. Табылды деген ойдун учугу жоголгондой көрүнөт. Бирок проблемалуу ситуацияны чечүүнүн жолдорун издөө туура кетип баратат. Балдардын өчүп бараткан учкун оюн өз убагында «тутантып коюу» үчүн мугалимдин педагогикалык сезгичтиги гана керек болот. Мына ушул конкреттүү ситуацияда ал дал ушундай иш кылат. Бул учурда ал изденүүлөрдүн жыйынтыгын чыгарат. Азырынча тоо боорундагы өсүмдүктөр да жана ошондой эле суу жээгиндеги өсүмдүктөр да күндүн жарыгы менен жылуулугун бирдей даражада өзүнө жетиштүү түрдө сиңирип ала тургандыгын аныктап, мына ушунун баары өсүмдүктөрдүн өсүшү үчүн керектүү компоненттер экендигин эске алдык. Суу жээгиндеги өсүмдүктөр өзүнө нымды көбүрөөк сиңирип алып турат. Бул өтө маанилүү, бирок койгон суроого али биротоло жооп бербейт. Бул же тигил учурлардагы өсүмдүктөрдүн азыктануусу кандай болот? — деген эле суроону аныктоо калат. Өсүмдүктөрдүн түзүлүшү менен балдар экинчи класстан тартып эле тааныш жана тамырларынын жардамы менен өсүмдүктөр жер кыртышынан тамак болуучу заттарды өзүнө таап ала тургандыгын билишет. Ошондо жумушчу гипотеза келип чыгат — суунун жээктерин бойлой көбүрөөк дүркүрөп өскөн өсүмдүктөр тоонун боорлорундагы өсүмдүктөргө караганда жер кыртышы жагынан айырмасы болгондуктан сакталып калат. Жогоруда каралган компоненттер, өзгөчө суу жээгиндеги нымдуулуктун молдугу мында алынып ташталбайт. Келтирил-

ген гипотезаны текшерүү планы — ар түрдүү участок-тордогу жер кыртышынын составын изилдөө жана тийиштүү корутунду чыгаруу белгиленет. Башкача айтканда, материалды андан ары үйрөнүү проблемалуу окутуунун өтө татаалы болгон изилдөө методун пайдалануу учурунда жүрөт.

Мугалим окуучуларды звенолорго бөлүштүрүп, алардын алдына ар бир звено үчүн бөлүп берилген участокто жер кыртышы кандай составдуу бөлүктөрдөн түзүлгөндүгүн аныктоо, гербарий үчүн ошол участокто өсүп чыккан өсүмдүктөрдүн үлгүсүн жыйноо, ошондой эле сабакта тажрыйбаларды жасоо жана көрсөтмөлүү куралдарды даярдоо үчүн жер кыртышынын үлгүлөрүн алуу милдетин коёт.

Мына ушинтип, экскурсиянын азыркы этабында азырынча төмөнкүлөр бар: проблемалуу ситуация түзүлдү, проблеманы мугалим окуучулар менен биргелешип уюштурду, аны чечүүнүн жолу табылды, окуучулар аны чечүүгө киришти, зарыл болгон учурларда мугалим аны чечүүгө жардам берип турат.

Өз алдынча практикалык иштердин процессинде окуучулар өздөрү үчүн жер кыртышынын составы жана анын чөптүн чыгышынын сапатына көрсөткөн таасири жөнүндө белгилүү корутундуларды жасап калышат, бирок мында мүмкүн болгон карама-каршылыштарды эске алып, аңгеме өткөрүү зарыл, башкача айтканда окуучулар тапкан проблеманын чечилишин текшерүү керек.

Мугалимдин контролдук суроолоруна жооп берүү процессинде алардын алдын ала кабыл алган чечими айкындалат — чөптүн чыгышынын сапатына карата аныктоочу таасирди жер кыртышы ойнойт.

Жер кыртышынын ар түрдүү үлгүлөрүнүн натыйжаларын анализдөө менен, мугалим түшүндүрүп айткандай, өлүп жок болгон жаныбарлардын жана өсүмдүктөрдүн калдыктарынан пайда болуучу чириндиге бай жер кыртышына жогору баа берилет. Бирок такырайып ээн жаткан тоо бооруна жайланышкан участоктун жер кыртышын изилдеген окуучулар алардын үлгүлөрүнөн да ушундай калдыктар, көбүнчө чириндиге айланбай, кагырап катып калган калдыктар кезиккенин байкашат. Мындан дагы суунун (чириндинын нымдуу чөйрөдө гана пайда болот) жана жылуулуктун (тоо климатынын суук шарттарында жаныбарлар менен өсүмдүктөрдүн кал-

дыктарынын бар экендигине жана нымдын молдугуна карабастан чиринди түк дээрлик пайда болбойт) зор ролу талашсыз болуп калат.

Изилдөөнүн мына ушул этабында алган билимди бир системага келтирүү процессине мугалим кандайдыр жетекчилик кылгандай болот.

Акыры проблема чечилди. Андан ары алган билимди биротоло бекемдөө же анын чечиминин жыйынтыктарын чыгаруу керек.

1. Кумдан, топуректан, майда таштан, өлүп жок болгон жаныбарлар менен өсүмдүктөрдүн калдыктарынан, ошондой эле чиринди турган жер кыртышы өсүмдүктөрдүн тиричилиги үчүн аныктоочу ролду ойнойт.

2. Чиринди —өсүмдүктөрдүн азыктанышы үчүн негиз болуп саналат. Ал өлүп жок болгон жаныбарлар менен өсүмдүктөрдүн калдыктарынан жана жылуулук менен нымдуулуктан гана пайда болот.

3. Жер кыртышынын калган составдуу бөлүктөрү (кум, топурак, майда таш) анын пайда болуу процессине түздөн-түз таасир этпейт. Бирок жер кыртышынын скелетин түзүү менен, алар борпоң жана жумшак жер кыртышынын пайда болушуна түрткү берет, бул болсо өсүмдүктөр менен жаныбарлардын тиричилигине, ошондой эле анда нымдын топтолушуна ыңгайлуу шарт түзөт.

4. Күндүн жарыгы да жер кыртышынын пайда болушуна түздөн-түз таасир этпейт, бирок, акыры жүрүп отуруп чириндинин түзүлүшүнө алып баруучу өсүмдүктөрдүн өрчүшү үчүн керек.

Экскурсия өткөрүү процессинде окутуунун проблемалуу методун пайдалануу жолу менен акыр-аягында педагогикалык чоң натыйжа берүүчү окуучулардын чыгармачыл ой жүгүртүүсүн максималдуу түрдө активдештирүүгө жетишүүгө боло тургандыгы мына ушул экскурсиянын үлгүсүнөн көрүнүп турат. Бирок бул, ар бир экскурсияны мугалим мына ушундай өткөрүүгө тийиш дегендикке такыр жатпайт. Бул үчүн ал, үйрөнүлүп жаткан материалдын проблемалуулук деңгээлин, өз алдынча изилдөөлөрдү жүргүзгөндү канчалык өздөштүргөндүгүн же билгендигин жана ага канчалык көнүккөндүгүн, ошондой эле жеке өзүнүн педагогдук сапаттарын, атап айтканда окуучулардын ой-сезимин козгоону

жана жөнгө салып турууну, өз убагында аларды көңүл бурууга аргасыз кылууну, өз күчүнүн бир калыпта жумшалышын жана туура бөлүштүрүлүшүн эске алууга тийиш.

§ 2. Курчап турган жаратылыштын арасында окуучулардын элестетүү жөндөмдүүлүгүн жетилтүү

Жаратылыш менен байланыш процессинде окуу иши үчүн зарыл болгон окуучунун элестетүү жөндөмдүүлүгү сыяктуу сапаты жетиле баштайт. В. А. Сухомлинский мына ушул планда мындай деп жазган: «Курчап турган дүйнөнү көрүп, анын кооздугуна таңыркоо — тиричилик кубанчына түшүүнүн жана ага таңыркоонун эң негизги булактарынын бири болуп саналат» (Гражданиндин туулушу. М., 1971, 250-б.).

«Окуучунун бардык таанып-билүү процесстеринде элестетүү жөндөмдүүлүгү канчалык көп катыша турган болсо, — деп айрыкча белгилейт И. В. Дубровина, — анын окуудагы аракети ошончолук чыгармачылыктуу болот» (Окуучулардын өзүнчө айрым өзгөчөлүктөрү жөнүндө. М., 1975, 37-б.). Балдардын элестүү жөндөмдүүлүгүн жетилтүү менен, мугалим алардын акыл-эсин жетилтүү боюнча өзүнүн милдетин бир кыйла жеңилдете тургандыгы мына ушундан улам айкын болуп турат.

Балдардын элестетүү жөндөмдүүлүгүн жетилтүү зарылдыгы талашсыз. Ошондой эле элестетүү процессинде кандайдыр бир айрым элестерди жана бүтүндөй элестердин айкалышууларын түзүү менен, окуучу, албетте, чындыктан жана өткөндөгү турмуш тажрыйбасынан келип чыккан чыныгы негизи болууга тийиш экендиги өзүнөн өзү түшүнүктүү. Кенже мектеп жашындагы балдардын ой жүгүртүүсү айкындыгы менен айырмалана тургандыгын жана кандайдыр бир даражада ар бир бала элестетүү жөндөмдүүлүгүнө ээ экендигин эске алсак, аны жетилтүү боюнча ишти кандай багытта жүргүзүү керектиги ачык-айкын болуп калат. Жалпы сөз менен айтканда, бул, окуучуну таанып-билүү процессинин бардык формаларына тартуудан, ал эми биздин изилдөөбүздүн темасына ылайыктасак — анын жаратылыш менен байланышынын бардык формаларына жана биринчи кезекте экскурсияга байкоо жүргүзүүгө катышууга тартуудан көрүнөт.

Бул жагынан алып караганда Чүй районунун № 2 мектеп-интернатындагы мугалим В. П. Шнайдердин иш тажрыйбасы кызыктуу. Ал үчүн баарыдан мурда предмет аралык байланыштарга умтулууда бири-бирин өз ара толуктоочу жана өз ара байытуучу звенолордон турган бардык үйрөнүлүп жаткан дисциплиналарды балдарга предметтердин жалпы тизмеги катарында үйрөткөндүгү мүнөздүү. Өз окуучуларынын элестетүү жөндөмдүүлүгүн жетилтүү боюнча ишин ал эки этапта жүргүзөт. Жаратылышка экскурсия жүргүзгөн учурда адатта ал өзү биринчи класстын окуучуларына кызыктуу предметтер же кубулуштар жөнүндө айтып берет, алардын көзгө чалдыгуучу өзгөчөлүктөрүн айрыкча белгилейт, айкын мисалдарды келтирип кыялдануурга үйрөтөт. Жандуу жана жансыз предметтерди «кишиге айлантуу» ыкмасы өзүнчө бир кызыктуу. Мисалы, бир жоон топ балдар шагы кара төш таранчылардын (Испан таранчысы) уяларына жыш толгон мырза терек өскөн кичине токойчого келип токтошту. Уялардагы балапандар жан-алы калбай чыйылдайт, чоң таранчылардын кээ бирлери безеленип чарылдаган бойдон балдардын үстүнөн учуп өтөт, башкалары, өз тукумун тынчтандырууга аракет кылгансып, ошондой эле уяларынын тегерегинде чебеленет, даректардын бутактары салмак менен термелгенсип, бир калыпта шуудурайт. Балдардын көңүлүн бүт мына ушу көрүнүшкө буруп, мугалим алардын кыялдануусун ойготууга аракет кылат. Балапандар балдарды өмүрүндө биринчи жолу көргөндүктөн жана булар достор же душмандар экендигин билбегендиктен, аябай коркуп кетип, күтүлбөгөн келгиндерден аларды коргоп калууну өздөрүнүн атасы менен энесинен суранып жатышкандыктары жөнүндө ал окуучуларга айтып берет. Энелер өз перзенттерин тынчтандырган болушат, ал эми жаалданып алган аталар болсо, анча ойлонуп турбастан, божомолдогон душмандарды тайманбастык менен качырып сала беришет. Ошол эле жерден мугалим, балапандар эмне эле ошончо чыйылдашканы жөнүндө, аларды энелери тынчыта албай кантип алек болгондуктары жөнүндө жана аталары кандай катуу чуу салгандыктары жөнүндө айтып берүүнү балдарга сунуш кылат. Балдар оюнга кубангандык менен кошулушат, ал тургай буга жаңы катышуучуларды да алып келишет. Мисалы, даректар, биз бул балдарды билебиз,

ошон үчүн алар канаттууларга зыян келтиришпейт дегенсиң, жалбырагын шуудуратып, балапандарды да, алардын ата-энелерин да бекер эле чуу салгандыктары үчүн жакынсынып жемелегендей болушат. Төбөдө күн балбылдап жанып, канаттуулардын кур бекер түйшүгүнө көз чаптыргансыйт.

Мындай байкоолорду мугалим үзгүлтүксүз өткөрүп турат.

Экинчи класста ал эми өз тарбияланууучуларынын элестетүүгө жөндөмдүүлүктөрүнүн жеке өзгөчөлүктөрүн ачып көрсөтүүгө аракет кылып калат. Эгер ал биринчи класстын окуучуларына алардын кыялданууусун көрсөтүү үчүн ситуация түзгөн болсо, эми экинчи класстын окуучуларын алардын элестетүүгө жөндөмдүүлүгүн өздөрүнүн аң-сезими контролдукка ала тургандай шарттарга коюуга умтулат. Мисалы, мугалим экскурсияны атайын жамгыр жаар алдында уюштурат. Адеп эле сезилерлик дыбырап жаай баштагандан кийин топ балдар бастырманын астына барып корголошот, бирок тегеректе эмне болуп жатканы баарына көрүнгүдөй болуп турушат. Анан ал майда-чүйдөсүнө чейин айкындап айтып отурбастан эле, тегеректе болуп жаткандарга көңүл коюп байкоо жүргүзгүлө деп балдарга тапшырма берет. Жамгыр басылгандан кийин ал ар кимден көргөндөрү менен укканлары жөнүндө айтып берүүсүн суранат. Башкача шарттарда кээ бир балдардын элестетүүгө жөндөмдүүлүгү начарлап, чөйрөнүн өзгөрүлгөн факторлоруна моюн сунуп кала тургандыктары мына ушул жерден айкындалат. Өздөрүнүн берген жоопторунда алар көп кызыктуу нерселерди көрүүгө тоскоол болгон нөшөрлөп төгүп өткөн жамгырга өкүнүп, кыжырлангандыктарын гана билдиришти. Буларга негизинен кандайдыр бир себептер менен экскурсияларга сейрек катышып жүргөн балдар (мектепке жаңы алынгандар, көп ооругандар ж. б.) негизинен мына ушундай болуп чыгышты.

Ал эми окуучулардын көпчүлүк бөлүгү үчүн жаңы ситуация элестетүү жөндөмдүүлүгүнүн аракети үчүн түрткү болду. Маселен, алардын ичинен бирөөлөрү жашынып турган бастырманын үстүнө дабыратып жааган жамгыр тамчыларынын дабышын тааныш музыкалык күүгө да окшоштуруп жиберишкен. Башкалары жаан жаар алдында жана жаап жаткан учурда курт-кумурс-

калардын кыймыл-аракетине байкоо жүргүзүшкөн. Мисалы, аларга чымындар бастырманын астынан жамгырга кубалап жиберишпегей эле деп жан соогалагандай, учуп-конуп тегерегинен кетпейт, ал эми көпөлөк болсо канаттарынын кыймылы менен баш калкалаткандыгы үчүн ыракмат деп айткандай көрүндү. Кээ бирлери гүлдөрдүн түсүнүн көрүнүшү жамгыр жаар алдында каралжын тарта тургандыгын, жана, тескерисинче, күн жаркырап тийер замат кайрадан ачык, жаркыраган түскө өтүп кетээрин байкагандыктарын айтышты. Мындайларды байкоого жөндөмдүүлүк дароо эле пайда болбойт. Кандайдыр бир ачык байкаган кызыктуу нерселерге окуучулардын көңүлүн буруу үчүн экскурсия жүргүзгөн учурда мугалим ар бир бош убакытты пайдаланат. Мисалы, ал колдонуп жүргөн окуучулардын элестетүү жөндөмдүүлүгүн контролго алуу формаларынын бири бул салыштырууларга жарыяланган өзүнчө эле бир конкурс болуп саналат. Кандайдыр бир жаратылыш объектисин тандап алып, ал балдарга кандайдыр бир баарына белгилүү предмет менен абдан ылайыктуу боло турган салыштырууну табууну сунуш кылат. Мына ушунун натыйжасында булуттар көбүктөнгөн Ысык-Көлдүн толкунуна, гүлдөгөн апийим талаасы — кооз килемге, алыс кеткен жол—сойлоп бараткан жыланга, абада учкан каакымдын уругу —парашютисттерге окшош экендиги ж. б. айкындалат.

Жүрүштөрдө бир аз тыныгуу убактысы кызыктуу өткөрүлөт. Мисалы, мугалим балдарга кандайдыр бир жаныбардын сөлөкөтүнө окшоп калган булутту же тааныш жомоктон, кинофильмден алынган тигил же бул картинаны элестете турган жерди кантип табуу керек деген сыяктуу тапшырмаларды берет.

Балдар мындай оюндарга ынтызарлык менен берилишип, чын эле «Ысык-Көлдүн кызыл апийимдери» аттуу кинокартинаны, Кызыл шапкечен кыз менен Көк Карышкыр кезигишкен жалгыз аяк жолду, Көмөч отуруп өзүнүн ырын ырдаган дүмүрдү ж. б. элестеткен жерлерди табышат.

Мурдатан тандап алынган жаратылыш бурчунда тааныш жомоктордон айтып берүү педагогикалык чоң натыйжа берет. Мисалы, үй канаттуулары сүзүп жүргөн көлмөнүн жанына келгенде токтоп, балдарга Көк Моюн жөнүндөгү жомокту эске түшүрүүнү сунуш кылса болот.

Ошентип Көк Моюнга окшогон бир өрдөккө алардын көңүлүн буруп, чоң кишилер мазмуну тааныш жомокту жатка айта башташат. Мында балдар канаттууга, анын кыймыл-аракеттерине байкоо жүргүзүү менен, кандай болбосун жомокту дагы кызыктуураак элестер менен байыткылары келип, өз кошумчаларын кийришет. Акырындык менен жомоктун мазмуну жаңы түр алып калат.

Андан ары, балдар үчүн башкача, кызыктуу көрүнгөн жаратылыштын кооз кучагына киргенден кийин, эми аларды жомок ойнун ойноого чакыруунун зарылдыгы жок экендигин белгилеп кетсе болот, белгилүү сюжеттерди айтып берүүдөн таптакыр жаңыларын түзүүгө чейин барып, алар оюнду өздөрү баштап калышат.

Жандуу жаратылыш аябай дүркүрөп өскөн жай мезгили, албетте, балдардын ар нерсени көз алдына келтирип элестетүү жана ой жүгүртүү жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүү үчүн эң бир жакшы шарттар болуп саналат. Бирок балдар менен үзгүлтүксүз иш жүргүзүү максатында жылдын башка мезгилдериндеги мүмкүндүктөрдү да текке кетирүүгө жарабайт. Мисалы, даректардын жалбыректары күбүлүп түшкөн кеч күз маалында балдар менен токойго же паркка сейилдикке чыкканда бактардын шагындагы бутактардын өзүнчө бир кызык көрүнүштөрүнө алардын көңүлүн бурса болот. Бутакчалардын өсүү багыттарына көңүл коюп байкоо жүргүзүп, тааныш жаныбарлардын сөлөкөттөрүн, адамдардын, ошондой эле жандуу жана жансыз заттардын профилдерин табууга болот. Мындай учурда ал тургай балдар бири-бири менен сүйлөшүп алып, өздөрү ойлоп койгон же жаратылыш жараткан сүрөттүн сөлөкөтүн издеп табууну сунуш кылса болот.

Кыштын күнү бубак баскан терезелердеги оймо-чийме кооздуктарды карап чыгуу боюнча балдар менен иш жүргүзүү өтө кызыктуу болот.

Окуучулардын даярдыгы жетиштүү болгондугуна мугалимдин көзү жеткенден кийин алардын элесиндеги чындыкты кайра өзгөртүүнүн жеңилдик же кыйындык даражасын билүүгө аракет кылат. Бул максатта орус тил сабактарында аларга тапшырма сөздөр боюнча сочинение жазууну сунуш кылат. Ушундай сочинение жазуу үлгүлөрүнөн бирди келтирели. Ориентир катарында доскага төмөнкү сөздөр жазылган болчу: бала, кирпи, аң, үй. Сөз топтору, бала аңдын ичинен кантип кирпи-

ни кармап, үйүнө алып келгендиги жөнүндөгү сюжетке түртку болду. Кээ бирөөлөр мына ушул сөздөрдү кошуп, мындайча жазып коюшту: «Бир жолу бала аңдын жанында ойноп жатты. Капысынан ал кирпини көрдү. Ал аны кармап алып, үйүнө алып келди. Кирпи аныкында жашап калды». Бул учурда сөздөр мааниси боюнча кошуп жазылды. Элестетип ойлонуу балдарга түк да жардам берген жок.

Сочинениелердин бирөөнөн көбүрөөк элестетип ойлонгондук байкалат: «Кирпи колго бат үйрөнө тургандыгын Коля балдардан уккан. Ал көпкө чейин убаралануп кирпини издеп жүрүп, акыры аны аңдын ичинен кармап алды. Үйдөн кирпи Коляга бат эле көнүп кетти, ошентип, алар достошуп калышты».

Бүтүндөй бир топ сочинениенин мазмуну окшош болуп чыкты. Ал сочинениелериндеги бала, кирпи, аң, үй деген жалпы сөздөрдү балдар ылайык табышкан эмес. Сочинениенин үстүндө иштөө процессинде алар жалпы түшүнүктөргө анализ бере билгендикти көрсөтүп, айкын элес келтирип ой жүгүртүшкөн. Бирок бул сочинениелердин кемчилиги балдардын көрсөтүлгөн чектен чыга албагандыгында, алардын элестетип ойлогон ою эркин чыкпай калгандыгында болгон.

Бир нече сочинениеде балдар абдан жакшы өнүккөн элестетүүлөргө ээ экендиктерин көрсөтүштү. Ошолордун бирөөнүн мазмунун келтирели: «Дима пайдалуу жаныбарлар жөнүндө телефильм көрдү. Анда зыяндуу курт-кумурскалар менен чычкандарды кырып жок кылуучу кирпилерди көрсөтүштү. Бала кирпини колго үйрөтүүнү чечип, мунун чын экендигин текшергиси келди. Бир нече күн издөөлөрдөн кийин талааны кесип өткөн аңдын ичинен кирпини кармап алды. Үйдө кирпини капаска салып койду. Адегенде ал чочулап, эчтеме жегиси келген жок. Кармап келип берген көпөлөктөр тийилбеген бойдон жатты. Бир жолу Дима түнүчүндө бирдеменин чалпылдатып жатканынан ойгонуп кетти — бул кирпи эле, ал капаска коюлган тамакты шыпылдатып жеп жаткан болчу. Эртеси күнү ал күндүз да жеп калды. Бат эле тамакты колдон алып жеп калды. Көнүгүп алып, кирпи үйдүн ичинде аркы-терки чуркай баштады, бирок уктаарда капасына кирип кетчү болду. Сыртка чыгарып сергүндөткөн учурларда ал бадалдардын арасына кирип кетип, курт-кумурскаларды издейт, эгерде бала дабы-

шын чыгарып чакырса, ал тилин такылдатып, дароо ошо замат жанына чуркап келет. Кеч киргенде ал мышык менен таанышууга аракет кылып көрдү, бирок тиги, сактыкта кордук жок дегенсип, алыстап качып кетип жүрдү».

Мындан ачык-айкын элестер менен ой жүгүртүү да, чыныгы материалды жакшы билүү да (жаныбарлардын тамактануу мүнөзү жөнүндө), байкагычтык да, жаратылыш жөнүндө турмуш маалыматтарынын бай запасы да сезилип турат. Мына ушунун баары тең эркин ой жүгүртүүнү өрчүтүү үчүн жетишерлик негиз болуп саналат. Сочинениенин авторунун элестетүүсүнө багыт гана берилген, андан ары ал аңгемесине жаңы катышуучуну — мышыкты сүрөттөп кийирүү алдында да буйдалып калбастан, чыгармачыл ой жүгүртүп жазылган сочинениелерди жарата тургандыгында шек жок.

Мына ушинтип, В. П. Шнайдердин иш тажрыйбасы, балдардын элестетүүсүн — ансыз реалдуу чындыкты кайра өзгөртүү да, ой жүгүртүүнүн чыгармачыл мүнөзүнүн көрүнүшү да мүмкүн болбогон сапатын өнүктүрүү үчүн жаратылыш айланасын пайдалануунун кеңири мүмкүндүктөрү жөнүндө бизге баян кылат.

§ 3. Жаратылышты таанып-билүү процессинде оң таасир тийгизүүчү эмоциялардын ролу

Өнүккөн элестетүүгө ээ болуу жөндөмдүүлүгү организмдин эмоционалдуу абалы менен тыгыз байланышта болот, ал болсо, өз кезегинде, балдарды акылэстүү кылып тарбиялоодо чоң роль ойнойт.

Экскурсиялардын жана байкоо жүргүзүүлөрдүн процессинде мугалимдин кенже мектеп окуучуларынын оң таасир тийгизүүчү эмоцияларын козгой билгичтиги алардын ой жүгүртүүсүн активдештирүү үчүн аныктоочу шарттардын бири болуп саналат.

Ошондуктан В. А. Сухомлинский жаратылышка жүргүзүлүүчү ар бир жүрүштөрдү, жаратылыштын кооздугу менен болгон ар бир кездешүүнү тестиер жана өспүрүм балдар чын жүрөктөн кубангыдай кызыктуу уюштурууга умтулган.

Бирок оң таасир тийгизүүчү эмоциялардын ролу ушуну менен эле чектелип калбайт. Жаратылыштын кооздугу, анын пикири боюнча, ой жүгүртүп, кыялдануу-

ну козгоп, чыгармачыл элестетүүгө шыктандырат, ансыз окуучунун мектептеги иши ийгиликтүү жүрө албайт.

Мына ушинтип, жаратылышка болгон экскурсиялар биринчи кезекте таанып-билүүчү максатты гана эмес, ошону менен катар тарбиялагыч функцияларды, бул учурда, эстетикалык кооздук сезимдерди тарбиялоону көздөөгө тийиш — бул Павлыш мектебинде кенже класстардан тартып пландаштырылуучу төмөндөгү экскурсиялардын тематикасынан айкын-ачык көрүндү: «Түнкү уйкудан кийин жаратылыштын жанданышы», «Күндүн чыгышынын гүлдөргө тийгизген таасири», «Жаан-чачын болгондо көпөлөктөр кантип корголойт», «Кумурсканын кумурска уюгунан нандын күкүмүн тапканга чейинки саякаты», «Эртең менен эрте аарылар бал челегинен чыгып кайда учуп кетишет», «Кышкы уйкуга токой кантип даярданат», «Бир тамчы суунун саякаты» ж. б. (Мектеп жана жаратылыш, 38-бет). Экскурсиялардын темасын билдирүүнүн өзү эле аларды канчалык кызыктуу окуялар, канчалык көп кубанычтуу минуталар күтүп тургандыгы жөнүндө балдарга баян кылат. «Бир жагынан, акыл-эстүү кылып тарбиялоонун жана, экинчи жагынан, дене-бойду чыңалтып, эмгекте, эмоционалдуу тарбиялоонун биримдиги» ириде мына ушундай экскурсияларда ишке ашырылат. (Ошондо эле).

Организмдин эмоционалдуу көтөрүңкү абалы жаратылышта көрүнгөн нерселерди жана кубулуштарды кылдаттык менен элестүү кабыл алууга түрткү берет. Ал эми ар нерселерди мындай кабылдоонун зарылдыгы болсо, окуучулардын окуу материалын түшүнүп кабылдоосу жана ага карата белгилүү бир билгичтик менен мамиле кылуусу аркылуу шартталат. «Терең кабыл алгычтык,—деп жазган В. А. Сухомлинский,— өткүр сезимди пайда кылып, адамдын мына ушул сезимди өстүрүүгө умтулган акылга сыярлык керектигин өнүктүрөт» (Гражданиндин туулушу 249-бет). Курчап турган жаратылыштын кооздугун кылдаттык жана кыялга батуу менен кабылдай билүү жөндөмдүүлүгү окуучуларда бара-бара тарбиялана тургандыгын белгилей кетүү керек. Жаратылыш менен сейрек байланышкан окуучу адатта көптү көрөт, бирок аз байкайт. Ошондуктан аны жаратылыштын кооздугун көрө билүүгө жана өзүнүн өзгөчө жакшынакайлыгы менен таңданткан же таңданта турган көрүнүштөрдү сөз менен сүрөттөп айта билүүнү үйрөтүүгө

туура келет. «Сөздүн көркөмдүгү, анын сүрөттөп көрсөтүүчү күчү, эң бай эмоционалдуу кошумча мааниси — ушунун баары тең алмаштырылгыс каражаттар болуп саналат, алардын жардамы менен биз балдардын жүрөгүн толкутуп, алоолонтуп алып учкан түпкү ой-тилегине жете алабыз» (Мектептин жаш директору менен аңгемелешүү. М., 1973, 40-бет).

В. А. Сухомлинский пайдалануучу окуучулардын кабыл алгычтыгын жана сезиминин өткүрдүгүн өнүктүрүүнүн алгачкы ыкмаларынын бири — жаратылыштагы нерселер жөнүндө кызыктуу кылып айтып бере билүү болуп саналат. Анын пикири боюнча, алдыга коюлган айкын максат багытында көңүл бурууга татырлык кандайдыр бир объектини (мисалы, жалгыз турган дарак) тандап алып, курчап турган жаратылыштын бардык кооздугуна кандай кылдаттык менен мамиле кылуу керектиги жөнүндө, делебени козгогон анын эң сонун көрүнүштөрүн кантип түшүнө билүүгө боло тургандыгы жөнүндө мугалим өзүнүн ойлогон оюн окуучуларга айтып бериши менен алардын сезимин ойготуп, жакшы ой жүгүртүүгө үйрөтөт. Ушул учурда мугалим окуучуларга байкоо жүргүзүү менен алардын көз карашынан бул колдонулган ыкма кандай педагогикалык натыйжа бергендигин аныктоого аракет кылат. Эгер окуучулар улам кызыккандык менен суроо берип, мугалимдин айткандарын таңыркап угуп жатышкан болсо — демек туура жол тандалып алынганы ошо. Мугалим буга көзү жеткенден кийин экинчи ыкманы — кайра эле салыштыруу конкурсун колдонот. Экскурсиялардын убагында бир аз тыныгуу минуталарын пайдаланып, ал окуучуларга курчап турган жаратылыштын көрүнүштөрүнө көңүл бурууну, ошондой эле аларга белгилүү болуп калган нерселерден жана кубулуштардан ылайыкташтырып салыштырууларды табууну сунуш кылат. Бул конкурска балдар адеп башталышында өтө эле тартынчаактык менен киришип, өз сезимдерин жашырышат. Бирок акырындык менен кызыгышып, мүмкүндүктөрүн ачып көрсөтүшөт. Кээде алардын кыялга берилип ой жүгүртүүсү жакшы жетилгендикке чейин барат.

«Гражданиндин туулушу» аттуу ишинде (249-бет) В. А. Сухомлинский, окуучулар скифтердин дөңсөөсүнөн туруп айлана-тегерекке байкоо жүргүзүп жатып, өзгөчө салыштырууга ылайык жерлерди табышкандыгы жөнүндө сүрөттөп жазат. Талаалар, алардын ою боюнча, тол-

кундан бир аз тынчы кеткен деңизге окшойт. Токойлор мына ушул деңиз менен курчалган көк-жашыл кичине аралдарды элестетет. Талаалардын үстүндө мелмилдеп жанып боз түшүп турушу суунун тунук терендигин чагылдыргансыйт, ал эми көгүш тарткан көлмөлөр жердеги көк асмандын кичине үзүктөрүнө окшоп кетет.

Балдардын жаратылыштагы жакшынакай нерселерди кабылдай билүү жөндөмдүүлүгүнүн өнүгүшүнө байкоо жүргүзүү «жаратылыш — чексиз назик боло бере турган кооздуктун эң бир так өлчөмү» экендиги жөнүндө корутунду жасоого В. А. Сухомлинскийге мүмкүндүк берген (Мектеп жана жаратылыш, 42-б). Анын бул сөзү түстөрдүн ыраңын аныктоо үчүн өткөрүлгөн өзүнчө бир өзгөчө конкурстун натыйжаларын ырастайт. Мисалы, кызыл түстөн сары түскө, сарыдан жашылга, жашылдан көк түскө өтүү ыраңын табуу балдарга сунуш кылынган болучу. Алардын кээ бирөөлөрү 70 ке чейинки, башкалары 80 ден ашык түстөрдү аташты. Кээ бирөөлөр ак чечектин бир жалбырагында 9 кубулуш бар экендигин аныкташкан жана ал тургай күздүк буудайдын көк түсүнүн алты кошумча касиети бар экендигин айырмалашкан.

Бара-бара көргөндөрү балдардын эсинде ушунчалык ачык-айкын жана элестүү сакталып калгандыктан, аңгеме өткөрүү же сочинение жазуу процессинде таң калардык тамай айтылган сөздөр кезигүүчү болду. Ушул эле иште (Граждандиндин туулушу, 251-бет) анын автору, жаратылыштын тигил же бул нерселерин жана кубулуштарын сүрөттөп жазуу учурунда окуучулар колдонуучу элестүү сөз айкалышууларынын мисалдарын келтирет. Мисалы, аба ырайынын шарттарына жана авторлордун маанайына жараша асман төмөндөгүдөй аныктоолор менен мүнөздөлөт: суук, коркунучтуу, жымжырт, учу кыйыры жок, кыймылсыз шаңга бөлөнгөн, шатыра-шатман, аптаптуу. Бул сапаттар асмандан башка эмнеге болсо да таандык болгудай болуп көрүнөт. Бирок эгер адам жок дегенде бир жолу асман чүмкөгүнө көңүл коюп жана үндөбөстөн байкоо жүргүзүп карап турса, предметтин терең мазмунун бир эле убакытта өзүнө камтыган мындан артык так жана элестүү кошумчалоону тандап алуу кыйын экендигине макул болот.

Окуучулардын айрым сочинениелеринен жакшы сөз айкашуулары кездешкендиктен, алар чыныгы калам чеберине татыктуу болушу мүмкүн. Мисалы, жаратылыш-

тын таасир этүүчү чыныгы кооздугун түшүнө жана кабылдай билүү сапатына ээ болгон балдар «жазгы шалбаалардын кубулжуган музыкасынан калган суктандыруучу таасирлерди» алышат, «шалбаалардын алыстан угулган зыңылдоосун» угууга, «токойдун денени сергиткен илебин», сезүүгө, «токойдогу суунун шылдырап аккан дабышына», «талаанын кечки көрүнүшүнө», «жайкы түнгө», «аарылардын ызылдаганына» жана «алай-дүлөй бороонго» ыракаттануурга жөндөмдүү келишет. Алар дайыма жаратылыш менен байланыштан — «чайыттай ачык күндөрдөн» да, мемиреген кечтерден да жана терезелер менен эшиктерди шамал «улкуп-булккан» тынчы жок караңгы түндөн да кубаныч алышат.

Балдардын сочинениелерин окуп жатып, жаратылыштагы сонун нерселерди кабылдай билүү чебердигине ээ болбогон адам кандай көптү жогото тургандыгын эрксизден ойлойсуң. Ал кулпунган түркүн түстөрдүн жакшынакайлыгына ыракаттануу мүмкүндүгүнөн ажыраган сокурга же болбосо жаратылыш өзү жараткан жанга жагымдуу укмуштай назик үндөрдү угуудан калган дүлөйгө окшош. Бирок, кандай гана адам болбосун ал баарынан ажырап калды деп айтууга болбойт, ал аны курчап турган дүйнөгө жаңыча, көңүл коюп гана мамиле кылышы керек: «Дүйнөнүн бөтөнчө көрүнүштөрү жаратылыштын берген кандайдыр бир тартуусу эмес, ал духовный өнүгүүнүн закон ченемдүү натыйжасы болуп саналат» («Өспүрүм бала чак — кайра жаралуу». «Советская педагогика», № 12. 1966, 132-бет).

Жаратылыштагы жакшынакай көрүнүштөрдүн таасири баланын эсинде калбай койбойт. Чабалекейдин ойкуп-кайкып шамдагай учушуна, көпөлөктүн канатын жайып конуп тургандагы кайталангыс саймаланган кооздугуна, өтө бийик асманда сыймыктуу калкып учуп жүргөн бүркүткө, чыйырчыктын темир канат боло элек балапандарынын эчтемеден кам санабай чыйылдаганына таңыркаган бала эч качан колуна рогатка албайт. Хулиган ыргыткан таш тийип жабыр тарткан таранчыны көрүп, канаттуулардын кичинекей досунун жүрөгү сыздабай койбойт. «Жаратылыш,— деп жазган улуу педагог,— жакшылыктын булагы болуп саналат, жаш жүрөк жогорку адамдык кооздук менен — жакшылык, чындык, адамгерчилик, тилектештик, жамандыкка келишпестик менен ажарданганда гана анын кооздугу

адамдын духовный дүйнөсүнө таасир этет». («Гражданиндин туулушу», 288-бет). Борбордо турган балдар экскурсиядан көңүлдүү кайтып келатышып, күтпөгөн жерден жаңы эле машина тепсеп сындырып кеткен тааныш бакты көрүп капа болушканы жөнүндө В. А. Сухомлинский баяндап жазган окуя буга мисал боло алат. Алардын бул көргөнү ушунчалык кыжырды кайнаткандыктан, эмне деп айтаарды билбей, селдейип карап туруп калышты. Жакшы көргөн досунан ажырагансып, алар бакты тегеректей тизилип, жанынан кеткилери келбеди. Жогорку сезимдерге жана идеалдарга умтулган боорукер адам гана мындай трагедияга ушунчалык катуу кайгыра алат. Бала кезден тарбиялануучу мындай асыл сапатсыз толук жарамдуу советтик гражданин болуу мүмкүн эмес, анткени «эмоционалдуу кополдук,— В. А. Сухомлинскийдин ишеними боюнча,— нравалык кополдукка алып келет» (Адам — жогору турган кенч. М., 1971, 131-бет).

Окуучуларга байкоо жүргүзүүнүн натыйжалары көрсөткөндөй, ынта койбой кароо сонун нерсенин сырткы көрүнүшү жөнүндө гана түшүнүк берет. Нерселердин жана кубулуштардын сырткы көрүнүшү менен ички мазмунунун ортосундагы өз ара байланыштарды бардык жагынан анализдөө гана кооздуктун таасирдүү мүнөзүн аныктай алат. Окуучулардын акылын жетилтүү жолдорунун бири катарында окуу-тарбия процессинин эмоционалдуу жагы республикабыздагы мектептердин башталгыч класстарынын көп мугалимдеринин тийиштүү баа берүүсүнө ээ болууда. Алардын бирөөлөрү көркөм сүрөттөр жана башка көрсөтмөлүү куралдар аркылуу, кээ бирлери — эбин таап кызык аңгеме айтып берүү жолу менен, үчүнчүлөрү — көркөм адабияттын, кинонун жана телевидениенин жардамы менен окуучулардын эмоционалдуу көңүлдөнүүсүн түзүүгө аракет кылышат. Ушунун баары зарыл ыкмалар экендигинде талаш жок, бирок алар тикеден-тике жаратылыш кучагында жүргөндөгүдөй жакшы эмоцияларды өрчүтүү менен эч кандай салыштырууга туура келбейт. Табигый кооздуктун өзүн көрсөтүү жогоруда аталып чыккан схематикалык көрсөтүү ыкмасына караганда дайыма көбүрөөк таасирдүү болот. Күндүн кантип башталганын, бардык тирү жандыктардын күндүн чыгышын кантип тосоорун көргөн адам гана учуп жүргөн чабалекейдин кыймылынын кооз-

дугуна, көпөлөктүн канатындагы чааралекей таң каларлык саймаларына, кумурскалардын тыным албай түйшүк тартканына жана булуттардын астында бүркүттүн сыймыктуу калкып учуп жүргөнүнө түшүнө алат.

«Жаратылыштын кооздугу,— деп жазган В. А. Сухомлинский,— өткүр сезимди тарбиялап, ал сезим адамдын жакшы жактарын баамдап билүүгө жардам берет» («Гражданиндин туулушу», М., 1971, 289-бет).

Практика көрсөткөндөй, мугалимдер эмоционалдуу сапаттарды тарбиялоого өзгөчө көңүл буруу менен, жаратылышта үзгүлтүксүз сабак өткөрүүчү балдар мектепке жаңы келген балдарга караганда ар нерсени бир кыйла көбүрөөк көрүп, көбүрөөк байкашат. Анын үстүнө көргөндөрүн алар өткүр, терең кыялдануу менен кабылдайт.

Бул дароо эле колдон келе бербей тургандыгын Жумгал районунун Горький атындагы орто мектептин мугалими А. Калыкованын тажрыйбасы көрсөтөт. Адатта балдар адегенде эрксизден көзгө чалдыккан ар нерсенин эң көрүнүктүүлөрүн гана байкашат. Биринчи класстын окуучулары менен болгон аңгеменин биринде ал эң кооз канаттууну атап бергилечи деп сурады. Ошондо бир добуштан дээрлик жооп берилди: «Кыргоол! Анткени анын канаттары түркүн түстүү болуп, кулпуруп турат». Алардын ичинен бир эле кыз: «Булбул» деп жооп берди. Анткени ал куюлуштуруп мукам сайрайт». Булбулдун сайраганы ага эмнеси менен жагат деп сураганда, кыз: анын безелентип сайраганын угуп отуруп, ошонун таасири менен кандайдыр жакшы иш кылгым келип кетти деп жооп берген. Көрсө ал булбулдун өзүн али көрө да элек экен. Ириде мына ушул жооп балдарда жакшыны сезе билүүнү тарбиялоодо бизге керектүү багыт алууга жардам берди. Башкы милдет — бул аларды кескин кабыл алууга үйрөтүү болуп саналат, ал болсо, өз кезегинде, кескин сезимди жана аны андан ары өнүктүрүү керектигин пайда кылат.

Мугалимдин иштөө системасы элестетип ойлонууну өнүктүрүү боюнча жогоруда баяндалган системага окшоп кетет, бирок белгилүү даражада гана окшойт, анткени элестетип ойлонууну өнүктүрүү — бул балдарда эмоционалдуу оң сапаттарды тарбиялоодогу алгачкы жана зарыл этап болуп саналат. Экскурсия убагында мугалим баарыдан мурда балдарды жаратылыштын кооз-

дугун көрө билүүгө жана ошо көргөндөрүн сөз менен айта билүүгө үйрөтөт. Мындай аңгеме өткөрүүнүн натыйжалуулугу аңгеменин өзүнүн объектилерине жараша болот, алардын үлгүсү жөн эле айткандарды иллюстрациялап тим болбостон, ынандыруу факторлору болуп да кызмат кылууга тийиш. Ошондуктан мындай аңгемелерди мугалим жаратылышта көбүрөөк сапаттуу өзгөрүүлөр болгон учурларда өткөрүүгө аракет кылат (алманын гүлдөшү, күндүн батышы, жемиштердин бышышы, балапандардын учуп чыгышы ж. б.) . Ушуну менен бирге эгер мугалим балдардын көз карашынан чындап кызыгып калгандыкты жана кубангандыкты байкаса, анда аңгеме менен экскурсия каалаган натыйжаны бергени ошо. Бул азырынча өз ишинин ыкмаларынын тууралыгына контроль жүргүзүү болуп саналат. Мына ушинтип, балдар менен иштөөнүн биринчи этабында мугалим, жаратылышка болгон ар бир экскурсияны курчап турган дүйнөнүн кооздугун көрүү менен кошо жүргүзүп, алардын жүрөгүндө кубаныч сезимин калтыра тургандай уюштурууга умтулат.

Иштин экинчи этабында ал өз окуучуларынын жаратылыштагы жакшы нерселерди баамдай билүү өтө сезгич даражасын контролдоону айкын кылууга аракеттенет, мында адеп караганда эң жөнөкөй болуп көрүнгөн ыкманы пайдаланат. Талкуулоо үчүн кандайдыр бир ылайыктуу объектини тандап алып, мугалим окуучуларга анын түсүн аныктоону сунуш кылат. Даректын жалбырагы, күндүн батышы, асман чүмкөгү, тоо кыркалары ж. б. мына ушундай объектилерден боло алышат. Адеп башталганда жооптор белгилүү болду: жалбырак жашыл түстө болот, күн кызарып батат, асман чүмкөгү көгөрүп көрүнөт, тоо кыркалары саргыч тартып турат. Бирок акырындык менен балдар негизги түскө дагы кошумча түстөрдү бере баштайт. Мисалы, кээ бирлери элестетүү жөндөмдүүлүктөрүнө жана эмоционалдуу ой жүгүртө билгендиктерине жараша күндүн кызарып батканына бешке чейин кошумча түс табышкан.

Байкоо жүргүзүү процессинде күтүлбөгөн жерден кандай окуяга туш келерин алардын кээ бири убагы келмейинче билишпейт. Салыштыруулардын натыйжаларына мугалим гана эмес, окуучулар өздөрү да таң калышкан. Натыйжалардын бир бөлүгү өтө эле мүнөздүү өзгөчөлүгү менен айырмаланган. Мисалы, тоодо күндүн

чыгышына байкоо жүргүзүп жатып, балдар, тоо кыркаларынын тизмектери жомоктогу сепилдин мунараларынын тишчелерине окшош экендигин, ал эми гүлдөрдүн желекчелери менен жалбыракчаларындагы шүүдүрүмдүн тамчылары нечен түрдүү болуп кубулжуп тургандыгын көрүшкөн. Эң майда жыбыраган тамчылар менен капталган жөргөмүштүн желеси кымбат баалуу шуруну элестетет. Ал эми эртең мененки шүүдүрүм каптаган түркүн чөп-өсүмдүктөрүнө жарк этип күн тийсе эле болду, от жакканда көтөрүлгөн түтүн сыяктанып, булоолонуп буу чыга баштайт.

Кандайдыр бир объектиге байкоо жүргүзүү учурунда акырындык менен логикалык ой жүгүртүп иштөөгө (анализдөөгө жана синтездөөгө) жөндөмдүүлүк адеп караганда эсте калып калгандыгына караганда, окуучулардын алдан канча көбүрөөк көрүүгө умтулуусун пайда кылат.

Мисалы, «Шалбаа өсүмдүктөрү» деген темада үчүнчү класстын окуучулары менен экскурсия жүргүзгөн убакта мугалим өнүгүшү кыска циклдүү өсүмдүктөр (эфемерлер) жөнүндө айтып берет да, кургактыктан жана нымдын жетишсиздигинен Кыргызстандын шарттарында кээ бир өсүмдүктөр жер кыртышындагы нымдын жазгы топтолушун пайдаланып, кургакчыл мезгилдин келишине чейин урук-жемиш түрүндө тукум калтырууга үлгүрүү үчүн өтө эрте гүлдөп бүтө тургандыгын белгилей кетет. Мында окуучулар, үзүп алынган гүл бат солуп, анын желекчелери каралжын тартып, өзүнүн кооздугун жоготоорун байкашат. Саздак жерлерде жана суунун жээктерин бойлой өскөн өсүмдүктөр далайга чейин көгөрүп, жакшы өсөт. Ошентип, экскурсиянын темасына суунун анча тиешеси жок болсо дагы, окуучулардын көңүлү мына ошого бурулат. Алар жыбыраган таштар шылдырап агып жаткан суунун дабышы менен көркүнө келип тургандыгын байкашат. Балык кармап жатып күмүштөй жылтылдаган балыкты суунун ичинен алып сыртка чыгарганда анын түсү акырындык менен күңүрт тартып кете тургандыгын көрүп, алар таң калып карашат. Чыныгы табигый кооздук мында, алардын тегерегинде турса, жаратылыштын көрүнүштөрү түшүрүлгөн открыткалар менен кичинекей сүрөттөрдү мурда кандайча суктанып карагандыктарына алар айран калып, көбү өздөрү үчүн биринчи ачылгаларды жасайт.

Экскурсия учурунда мугалим сунуш кылуучу практикалык мүнөздөгү конкурстар балдардын абдан кызыгуусун туудурат:

а) желекчелери көгүлтүр ысык-көл суусунун түсүн элестеткен гүлдөрдү тапкыла;

б) күндүн желесинин бардык түстөрүн өзүнө алган букет жыйнагыла ж. б.

Мындай тапшырмалар балдарда көркөмдүктү эсинде сактап калуу сапатын тарбиялоого түрткү берип, алардын жарыктын күчтүү таасирлерин кабылдоого карата жөндөмдүүлүгүн курчутат.

Окуучулардын жетишерлик даярдыгы болгондо гана, мугалим алар менен татаалыраак конкурс — жаратылыштагы кандайдыр бир кубулушту жакшылап сүрөттөп жазууну өткөрүү мүмкүн деп эсептейт. Сабак башталардан мурдараак, май айынын күндөрүнүн биринде эртең менен эрте мугалим үчүнчү класстын окуучуларын чогултуп, күндүн чыгышы менен курчап турган жаратылыш кандай өзгөрүлөт? деген темада кылдат даярдалган байкоо жүргүзгөнүнө биз күбө болуп турдук.

Жакшы деп таанылган сочинениелердин бирөөнөн мисал келтирели: «Өрөөндө эчак эле күн чыккан, ал эми биерде, тоо ойдуңунда болсо, шооласын жаңы чачыратып, али чыга элек. Чыгыштан көрүнгөн тоолордун караандары өрттүн кызыл жалыны менен курчалгансыйт. Бийикте каалгып учуп жүргөн бүркүттүн канаты улам күн нуруна чагылыша калат. Асманда торгой бир жерге кадалып калгансып безеленип сайрайт. Балким, ал күндүн чыгышына кубанып жаткан чыгар.

Мына чыгыш тарапка созулган тоо кыркаларына күн алтын сымал нурун чачыратып, кылайып чыгып келатты. Сары килем төшөлгөнсүп, ылдыйкы далдоолорго бат эле жарык кире баштады. Чочугансып, туман тарап баратты. Шалбаа гүлдөрү жайнап күнгө чагылышып, көздүн жоосун алды. Эртең мененки убакыт да болду».

Бул сочинениеден биз бардыгын — терең кыялга батууну да, салыштырууга чебердикти да, жазууга мажбур кылган сансыз себептердин эң маанилүүсүн ажырата билгендикти да, көңүлдүн көтөрүңкүлүгүн да көрөбүз.

Эртең мененки убакыттын келишин мына ушундай тосууга жөндөмдүү киши чыгармачыл ой жүгүртүп, күнү бою көңүлдүү жүрө тургандыгында шек жок.

Мындай окуучулар менен иштөө мугалимге жеңил

гана тургай, чыгармачыл жагынан кызыктуу да болот — ишти ириде мына ушундай уюштурган негизде ал ишенимдүүлүк менен педагогикалык чеберчиликтин ургун себе алат.

Жаратылыш менен байланыш процессинде балдарды тарбиялоонун эмоционалдуу жагынан болгон активдүүлүгү күндөлүк тиричилик турмушта алардын теориялык аракеттерин жана ишке жөндөмдүүлүк абалын көтөрүү багытында организмге жагымдуу таасир көрсөтүү менен гана чектелип калбайт.

Биз баяндап жазган иш тажрыйбасындагыдай, ошондой эле республикабыздын мектептеринен алынган көптөгөн башка үлгүлөрдөй, өз тарбияланууучулары менен «Чыныгы адамдык кооздук менен ажарданууу» деген темада аңгемени мугалимдер негизинен жаратылышка гумандуу мамиле кылуу багытында өткөрүшөт. Бул эң ар түрдүү формаларда көрүнөт, мисалы, жашыл патрулдарды түзүү (Токмок шаарындагы № 1 орто мектеп, мугалими Н. В. Радушкина), мектептин территориясын жана анын чет-жакаларын жашылдандырууга катышуу (Кант районундагы Люксембург орто мектебинин мугалими Д. А. Ромашов), мектеп токойчулугун түзүүгө катышуу (Түп районунун Мукай Элебаев атындагы орто мектептин мугалими Т. Байзакова), мектептин чет-жакаларында жашаган канаттууларды шефке алууну уюштуруу (Кара-Суу шаарынын Ленин атындагы орто мектептин мугалими З. С. Василенко) ж. б.

Мына ушинтип, мугалимдин окуучулар менен алардын оң таасир этүүчү эмоцияларын өнүктүрүү боюнча план ченемдүү, үзгүлтүксүз жүргүзгөн иши аларды духовный жагынан байытат, жаратылышка жана анын байлыктарына гана эмес, жаратылыштын бийлөөчүсү болгон адамга да гумандуу мамиле кылууну тарбиялайт, адептүүлүк сапаттары жогору турган ар тарабынан өнүккөн адамды өстүрүүгө жардам берет.

Жаратылышка гумандуу мамиле кылууга тарбиялоо — өзүнчө жаңы проблема эмес, бирок, адамдын жаратылышка көрсөткөн таасири али көп учурларда контролго алынбаган, чаржайыт мүнөздө болгондуктан, акыркы жылдардын ичинде өзгөчө курч мааниге ээ болду. Адамдар жаратылышка ар башкача таасир этип, бирөөлөрү аны коргоп, кайра жаратуучулардан болуп чыгып жатса, башкалары аны кыйратуучулардан болуп чык-

кандыктарына кенже мектеп жашындагы балдар да эрксизден күбө болушат. Бир жагынан— жасалма токой массивдерин, көлмөлөрүн, коруктарын түзүү, кагырап ээн жаткан чөлдөрдү гүлдөгөн жемиш даректарына жана талааларга айландырып кайра өзгөртүү жүрүп жатса, экинчи жагынан — атмосферанын, кургактыктын, дарыялардын, деңиздердин булгануусу, жаратылыш ресурстарынын түгөнүшү, жаныбарлардын баалуу түрлөрүнүн жоголушу жүрүүдө. Кыргызстандын шарттарынан эле адамдын жаратылышка оң жана терс таасир этишин мүнөздөөчү көп мисалдарды келтирүүгө болот. Акыркы эле жылдардын ичинде республикабыздын территориясында корукка алган жерлер көбөйүп, жаныбарлардын жаңы түрлөрүн климатташтыруу ийгиликтүү жүрүп жатат, токой массивдери, анын ичинде эң баалуу болуп саналган жаңгак даректарынын массивдери жыл сайын көп жүздөгөн гектар жерлерге көбөйтүлүүдө. Бирок жаныбарлар дүйнөсүндө өтө сейрек учуроочу тоо илбирсинин, чилдин, мензбир суурунун ж. б. саны аябай азайып баратат.

Ошондой болсо да информациянын көп сандаган агымынан карап жана өздөрүнүн жүргүзгөн байкоолорунун натыйжасында окуучулар жаратылыштын үстүнөн болгон адамдын кубаттуу бийлигине ишенип жатышат. Мугалимдердин көп көңүл бөлүп жүргүзгөн тарбиялоо ишинин аркасында окуучулардын арасынан чыккан жаратылышты коргоочулардын саны жыл сайын миңдеп көбөйүүдө. Бул көп жагынан башталгыч класстардын мугалимдерине байланыштуу болот, анткени жаш балдар курчап турган айлана-чөйрөдөгү аянычтуу көрүнүштөргө өтө сезгич келишет. Бирок буга түшүнүү үчүн бала тегерегинде жүрүп жаткан иштин канчалык маанилүү экендиги менен таанышып, анан колунан келишинче ошол ишке катышууга тийиш. Бул үчүн дагы эле жаратылыштын тийиштүү объектилерине же кубулуштарына кызыгууну козгоп, андан соң чыгармачыл ой жүгүртүүнү активдештирүү керек, бул болсо тийиштүү практикалык иш-аракеттер үчүн теориялык негиз болуп калат.

Ала-Бука районундагы Гагарин атындагы орто мектептин мугалими Шүкүралиева Саадат курчап турган жердин жыгач тектүү өсүмдүктөрү менен тааныштыруу боюнча биринчи класстын окуучулары менен күзүндө экскурсия жүргүзгөн учурда жаратылыштын жалбырак

түшүү сыяктуу кубулушуна алардын кызыгуусун козгоого аракет кылып көргөн. Аларга өзүнүн ойлогон оюн тааныуулабай туруп, бул кубулуштан балдар эмнеге кызыгарын билүү үчүн, адегенде байкоо жүргүзгөн. Жалбыректардын жыбырап учуп түшүшү алар үчүн өтө кызыктуу болгону билинди. Балдар кубанычтуу кыйкырык менен түшүп келаткан жалбыректарга карай чуркап, жерге түшүрбөй тосуп алууга аракеттеништи, бирок жалбыректардын учуп келаткан багыты ушунчалык тез өзгөрүлүп тургандыктан, тосуп алуу оңой-олтоң иш болгон жок. Алар жалбыректын учканын көпөлөктүн учушу менен да салыштырышты. Бирок бат эле жалбырак куугандан да тажап кетишти. Бул учурдагы кызыгуу, кубулуштун сырткы көрүнүшүнө гана карата болгондуктан, көпкө созулбады, демек, анын маанисин түшүндүрүүгө аракет кылып көрүү керек.

Мугалим даректардан кандай жалбыректар түшө тургандыгына окуучулардын көңүл буруусун сурайт. Көрсө, сары, чанда саргыч-жашыл, жашыл жалбыректар көпкө чейин бутактарында түшпөй бекем тура берет экен. Андан ары ал жалбырак түшүү мезгили жөнүндө тактап айтты. Күзүндө суук түшөр алдында жалбыректар күбүлүп түшө баштайт, деп бардыгы дээрлик жооп беришти. «Демек, жалбыректардын түшө башташынын себеби — сууктун түшүшү болобу? — деп сурайт мугалим. — Бирок эмне үчүн суук түшөрү менен карагайдын, кызыл карагайдын, арчанын жалбыректары түшпөй тура берет? Жалбыректар күзүндө эле түшөбү? Жалбыректардын түшүшүнүн негизги себеби— суук эмес экендиги эми балдарга түшүнүктүү болуп калат. Анын үстүнө алар, Кыргызстандын кургакчыл шарттарында, өзгөчө Ош областында жайдын кызыган убагында, күн аябай ысып, суунун бардыгы дээрлик пахта айдалган талааларды сугарууга кетип, даректарга суу жетпей калганда жалбыректар көп түшө тургандыгын эске түшүрүшөт. Демек, жалбырак түшүүнүн түздөн-түз негизги себеби — нымдын жетишсиздиги болот. Жайында сары жалбыректар гана эмес, жашыл жалбыректар да түшкөн фактынын өзү аларды буга биротоло ишендирди. Башкача айтканда, ысыктын аптабы жана нымдын жетишсиздиги даректарга ушунчалык абдан терс таасир тийгизгендиктен, алардын жалбырагы саргая электе эле күбүлүп түшүп калат.

Мына ушинтип, балдарда жалбырак түшүү кубулушуна карата чыныгы кызыгуу алар бул кубулуштун маанисине түшүнгөндөн кийин гана пайда болду. Бирок жалаң кызыгуу жетишсиз болот, тийиштүү педагогикалык натыйжага жетишүү үчүн, алардын ой жүгүртүүсүн активдештирүү зарыл. Ошондуктан мугалим тигилип көгөрүп турган бак-даректардын кургакчыл мезгилдеги аянычтуу абалынын фактысына бекеринен балдардын көңүлүн бурган жок. Алар жактан: «Эмне үчүн жайында суу аз болуп калды?», «Жок дегенде жайында даректардын жалбыректары күбүлүп түшпөсүн үчүн эмне кылса болот?», «Эмне үчүн жанаша турганы менен бир даректын жалбырагы түшсө, бир даректын жалбырагы түшпөйт?» — деген суроолор туулду. Мындай суроолор, балдардын ой жүгүртүүсү жаратылыштын абалы адамдын иш-аракетине түздөн-түз көз каранды экендигине алар түшүнгөн шарттарда активдештирилгендиги жөнүндө баян кылат. Ошону менен бирге алар жаратылыштын сырларын таанып-билүүгө боло тургандыгына гана эмес, мына ушул сырдуу процесстерди адамдын башкаруу мүмкүндүктөрүнө да ишенип калышат.

Акыркы суроо жөнүндө (жанаша өскөн бир түрдөгү эки даректын бирөөнүн жалбырагы түшүп, бирөөнүкү түшпөй калгандыгы жөнүндө) оозеки жооп берүү окуучуларды анча канааттандырбаганын мугалим байкады, бул баарыдан мурда алардын зээнсиздиги жөнүндө эмес, пайда болгон кызыгуунун терендиги жөнүндө баян кылат. Бирок бул экскурсиянын таанып-билүүчү милдеттерине толук туура келет. Ошондуктан мугалим табияттын кучагында туруп байкоо жүргүзүү процессинде окуучуларга өздөрү жооп табууга мүмкүндүк берүүнү чечет.

Жогоруда келтирилген мисал негизинен жандуу жаратылыштын объектилери жана кубулуштары менен байланыш процессинде балдар менен иштөөгө тиешелүү. Бул балдар үчүн өтө кызыктуу болушу мүмкүн, антпесе жансыз жаратылыш жөнүндө алар дээрлик суроо беришпейт. Бул, жансыз жаратылыштын объектилерине байкоо жүргүзүү үчүн түшүнүктүн жеткиликтүүлүк даражасынын аздыгы менен байланыштуу экендигин ырастады. Мисалы, граниттин бузулушу сыяктуу окуучулардын көз карашын калыпташтыруу үчүн маанилүү процесске байкоо жүргүзүүгө алардын мүмкүндүгү жок. Практика көрсөткөндөй, жандуу жаратылыш менен бол-

гон байланышта пайдаланылуучу окуучулардын чыгармачыл ой жүгүртүүсүн активдештирүү жолдорун жансыз жаратылышка карата колдонсо да толук ылайыктуу болот. Мунун өзгөчөлүгү мына мында: көп кубулуштарга байкоо жүргүзүү колдон келерлик эместигинен башка, үйрөнүлө турган объектилерге окуучулардын кызыгуусун козгоо мугалимге алда канча кыйын. Кызыктуу элементтерди пайдалануу жана түшүнүү мүмкүндүгүн дайыма жогорку нерв системасынын иш-аракеттерин стимулдаштырып турган жансыз жаратылыштын кубулуштарынын закон ченемдүүлүктөрүн ачып көрсөтүүдө педагогикалык чеберчиликти колдонуу мугалим үчүн өтө маанилүү экендиги өзүнөн өзү түшүнүктүү. Мындан, жансыз жаратылыш жагында балдар менен иштөө да алардын таанып-билүүчү иш-аракетин активдештирүү үчүн гана эмес, ой жүгүртүүгө көнүгүүгө негиз болуп кызмат кылуу үчүн да жакшы таяныч болуп калышы мүмкүн экендиги түшүнүктүү.

Бул багытта иштин кандай жемиштүүлүгүнө жетишүүгө боло тургандыгын XVIII партсъезд атындагы мектеп-интернаттын мугалими Т. Исраилованын тажрыйбасы көрсөтөт.

Жансыз жаратылыштагы нерселер жана кубулуштар менен балдарды тааныштыруу процессинде алардын жашына ылайык психикасынын өзгөчөлүктөрүнүн бирин — практикалык иш-аракеттеринин байланыштуулугун ал негиз кылып алат.

Мектеп-интернаттын бүткүл территориясындагы отургузулган бак-даракгарды багып өстүрүү тарбиялануучулардын күчү менен ишке ашырылып турат. Участоктор айрым класстарга, анын ичинде башталгыч класстарга да бөлүштүрүлүп берилген. Албетте, бул жумуштар жаратылышты үйрөнүү программасы менен тыгыз байланыштырылган. Бирок кенже мектеп окуучуларына салыштырып караганда жумуштун практикалык натыйжасы канчалык болушунан да (мисалы, алар канча көчөт отургузушту жана ал көчөттөрдүн канчасын өстүрүштү) анын тарбиялагыч чоң мааниси бар, бул болсо акыркы жыйынтыгында аткарылган жумуштардын сапатынан билинбей койбойт. Ошондуктан жумуштун сан көрсөткүчү эмес, жумуш процессине баланын мамилесин калыпташтыруу мугалим үчүн чечүүчү мааниге ээ болгон. Бул учурда биз жансыз жаратылыш жөнүндө сөз кылып

жатканыбыз менен, мугалимдин милдеттеринин бири — жандуу жана жансыз жаратылыштын өз ара тыгыз байланышта экендигин көрсөтүү болгондуктан, аны жандуу жаратылыштан өзүнчө бөлөк көрсөтүү кыйын гана эмес, антүүнүн эч кандай кажети да жок. Биздин мисалыбызда сөз көгөрүп турган бак-даракгарды багып өстүрүү жөнүндө жүрүп жатат. Бирок мугалим айкын милдетти — жансыз жаратылыш менен, атап айтканда сугаруу үчүн пайдаланылуучу суу менен түздөн-түз байланыш процессинде, биринчи класстын окуучуларынын кызыгуусун козгоо жана таанып-билүү аракетин активдештирүү милдетин койду. Адегенде ал балдардын бул жумушка абдан каалабагандык менен киришкенине көңүлүн бурду, анткени жүргүзүлгөн жумуштардын акыркы натыйжасын өтө эле бүдөмүк элестетишет. Анын үстүнө аларды бул процесс анча деле кызыктырган эмес. Биздин пикирибиз боюнча, бул учурда окуучулардын таанып-билүү аракетин активдештирүүдө таанып-билүү мүнөзүнүн практикалык багыты жана анын коомдук мааниси түзүк роль ойноду. Ал эми ошол жумушту оюн кылып ойноо моменттери болсо кызыгууну козгогуч роль ойноду. Бирок таанып-билүү процессине карата жумушту мына ушундай уюштурганда да жадагандан балдардын көңүлү келбей калган учурлар да болушу мүмкүн. Андан аркы байкоо жүргүзүүлөрдө мугалим мына ушуну байкаган. Балдардын кызыгуусунун жана көңүл коюусунун жашына ылайык туруксуздугун эске алып, жардамчы катары коомдук мүнөздөгү бир кыйла татаалыраак мазмундагы оюндун элементтерине кайра кайрылууга туура келди. Милдеттүү түрдө аткарылуучу шарт — жаңы эмгек процесстери өзүнүн мазмуну боюнча негизги жумуш менен, башкача айтканда сугат менен байланышкан болууга тийиш. Курулуш материалдарын белендөө, суунун нугун бекемдөө, «плотиналарды» ж. б. куруу менен кошо жүргөн «каналдардын» жаңы, рационалдуураак системасын даярдоого киришүү балдарга сунуш кылынган болучу. Оюндун биринчи бөлүгүндө зээндүүлүк берилген тармактан алынган маалыматтардын суммасы менен канығып калган эле, ой жүгүртүү жетишерлик түрдө активдештирилип, чыгармачыл мүнөзгө ээ болду, ошондон улам кошумча таанып-билүүчү материалдын зарылдыгы келип чыкты.

Бул учурда жандуу жана жансыз жаратылыш менен

байланыш процессинде жаратылыштын абалы менен адамдын коомдук турмушу өз ара байланыштуу экендигине алардын балдарды ишендире ала турган багыты окуучулардын чыгармачыл ой жүгүртүүсүн ийгиликтүү активдештирүүгө себеп болду. Ушуну менен бирге мугалимдер, көбүрөөк педагогикалык натыйжага жаратылыш жөнүндөгү кызыктуу фактылардын суммасы менен эмес, жаратылыштын кубулуштары менен адамдарды эмгегинин социалдык мүнөзүнүн ортосундагы маанилүү байланыштарды жана көз карандылыктарды ачып көрсөтүү менен жетишүүгө боло тургандыгы жөнүндө өздөрү үчүн корутунду жасоого мүмкүндүк алышты.

Анын үстүнө келтирилген мисалдардан, жаратылыш менен байланыш процессинде балдардын кызыгуусун жана зээндүүлүгүн өнүктүрүү учурунда, башкача мазмунда болсо да мейли, системасыз билим берүүдөн качуу керек экендиги түшүнүктүү болуп турат, анткени мындай билим берүү объектиге убактылуу кызыгууну гана козгойт.

§ 4. Жаратылыш менен байланыш процессинде окуучулардын диалектикалык-материалисттик көз карашын калыпташтыруу.

Жаратылыш менен байланыш процессинде, В. А. Сухомлинский белгилегендей, курчап турган чындыкка карата окуучулардын диалектикалык-материалисттик көз карашы калыпташат. Адамдын көз карашы деп ал «чындыктарга, закон ченемдүүлүктөргө, фактыларга, кубулуштарга, корутундуларга, идеяларга карата анын жеке өзүнүн мамилесин» түшүнгөн (Гражданиндин туулушу, 118-бет). Жаратылыш дүйнөсүндө иштөө зарылдыгын ал ириде ар кимдин өз көз карашын тарбиялоосунан, өзүнүн көзүнчө өзүн өзү урматтап, ардактап жогору баалай билүүсүнөн көргөн.

Өспүрүмдөрдүн диалектикалык-материалисттик көз карашын калыпташтыруу боюнча ишти алар эки багытта — диалектикалык ой жүгүртүүнү өнүктүрүү аркылуу, ошондой эле организм менен чөйрөнүн биримдиги, жандуу уюмдардагы тиричилик процесстеринин материалдуулугу сыяктуу түшүнүктөрдү өздөштүрүү аркылуу жүргүзүштү.

Жаратылыш динамикасындагы нерселер жана кубу-

луштар жөнүндө окуучулардын алган түшүнүктөрүн калыпташтыруу алардын диалектикалык ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү жолдорунун бири болуп саналат. Тиричиликтин айрым формаларынын кыймылдуулугун, жок болуп кетүүчүлүгүн же пайда болуучулугун гана эмес, өзгөчө активдүү процесстерде алардын тынымсыз өзгөрүлүп жана өнүгүп турушун да окуучулар ашыкча жолу көрүп ишене ала тургандай учурларды Сухомлинский жаратылышка байкоо жүргүзгөндө тандай билген. «Материянын түбөлүктүүлүгүнүн жана жоюлгустугунун идеясын,— деп жазган Сухомлинский,— жаратылыш кышкы уйкудан ойгоно баштаган күндөрү мен өспүрүмдөрдүн аң-сезимине атайын биринчи жолу ачып бердим» (ошондо эле, 290-бет). Жаратылыштагы циклдүү өзгөрүүлөргө байкоо жүргүзүү илимий түшүнүктөрдү алардын диалектикалык өнүгүшүндө калыпташтырууда өзгөчө маанилүү. Мисалы, бөбөктөр менен аңгеме өткөрүп жатып, ал, алардын түшүнүгүндө күн — жомоктогудай ажайып нерсе экендигин билет. Ошол эле балдар бир нече жыл өткөндөн кийин жаратылыш менен үзгүлтүксүз байланыш болуп келгендиктин натыйжасында күн — сырдуу кубулуштардын эң кубаттуу дүйнөсү, Жер үстүндөгү бардык жан-жаныбарлардын тиричилик булагы экендигин билип калышат» (ошондо эле, 291-бет).

Башталгыч класстардын окуучуларына салыштырып караганда жаратылыштагы кубулуштардын динамикалык мүнөзү жөнүндө түшүнүктү негизинен табияттын кучагында туруп байкоо жүргүзүүлөр берет.

Сузак районундагы Крупская атындагы орто мектептин мугалими К. Каратаев өсүмдүктүн уругунан өрчүшү жөнүндөгү материалды окууга чейин эле фанерадан жасалган сүйрү формадагы ящикке нымдуу кара топурак салып толтуруп, анан анын үстүнө буудайдын уругунан болжолу бирдей порциядан алып себет. Ар бир порция бири-бирине катарлай кара топурактын үстүндөгү аянттын участогуна улам бир нече күн өткөндөн кийин тартиби менен себилип турат. Ар кандай сабактын аягында же танапистерде ал айдоодогу болуп жаткан өзгөрүүлөргө бир азга окуучулардын көңүлүн бурат. Ошентип керек болгон учурда мугалим аңгеме өткөрүү процессинде өсүмдүктүн уруктан өнүп чыгышынын бардык стадияларын толугу менен окуучулардын көз алдына келтире алат. Бул учурда «урук» деген түшүнүк жаратылыштын обо-

чолонгон өзүнчө бир нерсеси катарында эмес, өсүмдүктүн тиричилик формаларынын бири катарында кабылдалат, ал болсо, курчап турган чөйрөнүн шарттарынын таасири астында тийиштүү өзгөрүүлөргө дуушар болуп, башка формага өтө алат.

Мугалим жарым-жартылай II класста, өзгөчө III класста кандайдыр жалпы закондорго ылайыкташып бириккен жана өз ара байланышкан жандуу жана жансыз жаратылышка карата болгон окуучулардын көз карашын калыпташтыруу үчүн негиз чыгарат. Айрым алганда, III класста жаратылыштагы суунун айлануу механизмин биротоло айкындоо учурунда жансыз жаратылыштын объектилери да узак убакыт өзгөрүлбөгөн абалда тура албай тургандыгы окуучуларга түшүнүктүү болуп калат (суу — муз — суу — буу — суу). Анын үстүнө мындай ишенимдер философиянын закондорун аң-сезимдүү өздөштүрүүгө түрткү берүүчү жогорку класстардагы кийинки жалпылоолор үчүн негиз даярдайт: тануу, сандын сапатка өтүшүн тануу ж. б.

Жаратылыштагы нерселерди же анын кубулуштарын курчап турган чөйрө менен өз ара тыгыз байланышта кароо да окуучулардын диалектикалык ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүгө түрткү берет.

Практика көрсөткөндөй, бул багыттагы ишти окуучу мектепке келген алгачкы күндөрдөн тартып эле жана көбүнчө жаратылышты үйрөнүү материалдарын окуп үйрөнө баштаганда эле жүргүзүү зарыл.

Башталгыч класстардагы жаратылышты үйрөнүү программасы бир нече негизги бөлүктөрдөн тургандай сыяктанат — аба ырайы, өсүмдүктөр, киши ж. б. Ошондуктан көп учурларда мугалимдер бул бөлүктөрдү бири-биринен обочолотуп карашат. Мисалы, окуучулар тундранын өсүмдүктөрү же жаныбарлары жөнүндөгү суроолорго сонун жооп беришет, бирок алардан: «Тундранын жаныбарлары менен өсүмдүктөрүнүн ортосунда кандай өз ара байланыш бар?» — деп сураганда, такалып жооп бере албай калышат. Формалдуу логика деген мына ушу.

Ат-Башы орто мектебинин мугалими Д. Я. Шишкова бул максатта балдардын эсинде калгандарга алар жөнөкөй илимий түшүнүктөр катарында өздөштүрө тургандай мазмун берүүгө аракет кылат. III класстын окуучулары, эгер аларда жаныбарлар жана өсүмдүктөр жөнүндөгү түшүнүктөр жеткиликтүү жол менен түзүлбөгөн болсо,

жогоруда коюлган суроого туура жооп бере алышпайт.

Жаратылышты үйрөнүү мазмунундагы сабактарда биринчи класстын окуучулары менен болгон анчемеден мугалим, турмуш тажрыйбасынын негизинде «жаныбарлар» деген түшүнүккө алар негизинен айбанаттар менен үй жаныбарларын эле, «өсүмдүктөргө» — бир жерде өскөн жана дайыма өзүнүн формасын өзгөртүп турган жаратылыштын түркүн жашыл өсүмдүктөрүн кийре тургандыктарын билет. Мына ушул негизде илимий түшүнүктөрдү калыпташтырууга туура келет. Акырындык менен «жаныбарлар» деген түшүнүккө кирүүчү нерселердин чөйрөсү кеңейе баштайт (жаныбарлар — кыймыл-аракетте болгон, азыктанып жүргөн, дабыштарын чыгарган, бир жагынан өлүп, бир жагынан тукумдап санын көбөйткөн бардык тирүү жан-жаныбарлар). «Өсүмдүктөр» деген түшүнүккө жыл мезгилдери боюнча өзүнүн сырткы түрүнүн өзгөрүшү, тукумдап көбөйүү, солуп жок болуу сыяктуу сапаттар кошумчаланат. Башкача айтканда, балдар биринчи класстан эле кандайдыр бир даражада жандуу жаратылыштагы нерселерди алардын жашоо шарттары менен байланыштырышат.

II класстагы жаратылышты үйрөнүү программасынын мазмунунун циклдүү мүнөзү окуучуларга жаныбарлардын күндөлүк кыймыл-аракети тиричилик шарттарына көз каранды экендигин ачып көрсөтүүгө жана ошого жараша аларды белгилүү бир топторго дифференциялоого жардам берет (айбанаттар, канаттуулар, курт-кумурскалар ж. б.). Буга окшотуп «өсүмдүктөр» деген түшүнүк да байытылат. Жаныбарлардын өсүмдүктөн илимий-негиздүү айырмасын окуучулар клетканы окуп үйрөнүүдө орто жана жогорку класстарда гана өздөштүргөнү менен, II класста эле Д. Я. Шишкова аларды өтө маанилүү белгиге — азыктануу жолуна алып келет (өсүмдүктөрдөн айырмаланып жаныбарлар даяр продуктылар менен азыктанышат). Жер кыртышынын, суунун, абанын (экскурсия убагында) кээ бир касиеттери жөнүндө жөнөкөй маалыматтарды экинчи класстын окуучуларынын өздөштүрүшү болсо жансыз жаратылыштын эсебинен өсүмдүктөрдүн азыктанышы жөнүндөгү материалды алардын түшүнүшү үчүн өбөлгө болуп саналат.

Өзгөчө жапайы жана үй жаныбарлары менен, ошондой эле маданий жана жапайы өсүүчү өсүмдүктөр менен тааныштырганда экинчи класстын окуучуларынын өсүм-

дүктөр жана жаңыбарлар жөнүндөгү түшүнүктөрү кеңейет. Мында мугалим үй жаныбарларынын азыктуулугунун жана маданий өсүмдүктөрдүн түшүмдүүлүгүнүн аларды багуу шарттарына көз каранды экендигин ачып көрсөтүүгө негизги көңүлдү бурат.

Ушинтип акырындык менен окуучулар жаныбарлар менен өсүмдүктөрдүн тиричилиги үчүн зарыл болгон комплекс жөнүндөгү түшүнүккө, башкача айтканда жашоо чөйрөсү жөнүндөгү түшүнүккө үзгүлтүксүз алып келинип турду. Тышкы шарттардын таасири астында белгилүү бир формага келтирилген жаныбарларды жана өсүмдүктөрдү өтө маанилүү белгилери боюнча дифференциялап, алардын негизги топтору менен экинчи класстын окуучуларын тааныштыргандан кийин, аларда жашоо чөйрөсү жөнүндө белгилүү бир түшүнүк түзүлүп калат. Айрым алганда, алардын көпчүлүгү болжолу мындайча формулировкаланат: «Жашоо чөйрөсү — бул айбанат жашаган жана өсүмдүк өскөн жер, ошондой эле аларды курчап тургандардын бардыгы болуп саналат». Мына ушундан кийин гана мугалим өздөштүрүлгөн түшүнүктү ар түрдүү жаныбарлардын же өсүмдүктөрдүн жашоо чөйрөсүнө мүнөздөмө берүүнү окуучуларга жазуу жүзүндө бекемдөөгө умтулат.

Мына ушинтип, тундранын өсүмдүктөрү менен жаныбарларынын өз ара байланышы жөнүндө жогоруда коюлган суроого III класстын окуучулары туура жооп берсин үчүн, I класстан тартып жаратылыштагы нерселер же кубулуштар жөнүндөгү обочолонгон түшүнүктөрдү эмес, илимий түшүнүктөрдү өздөштүрүү боюнча алар менен үзгүлтүксүз иш жүргүзүү зарыл. I жана II класстарда мугалим негизинен жашоо чөйрөсүнө анализ жүргүзүүгө тийиш (түшүнүктү байытуу). Ошондо чөйрөнүн ар түрдүү элементтеринин ортосундагы байланыштарды түзүүгө негизденген III класста синтездин болушу мүмкүн, бул болсо, түздөн-түз жаратылышта байкоо жүргүзүү аркылуу жаратылышты үйрөнүү билиминин суммасын үзгүлтүксүз байытуунун шартында гана ишке ашышы мүмкүн. Ошондуктан байкоо жүргүзүү үчүн өзүнчө айрым жана звенолук тапшырмаларды бөлүштүрүү менен, В. А. Сухомлинский, чөйрөнүн ар түрдүү факторлорунун дүүлүгүүлөрүнө карата организмдин таасирденүү мүнөзүн чагылдырып көрсөтүүчү натыйжалардын болушун болжолдогон.

1. Ар түрдүү өсүмдүктөрдүн гүлдөшүнө жана мөмө байлашына байкоо жүргүзүп, мөмөнүн касиеттери өсүмдүктүн тиричилик шарттарына жана анын тукумдап көбөйүү өзгөчөлүктөрүнө канчалык көз каранды экендиктери жөнүндө корутунду жасоого аракет кылып көргүлө.

2. Органикалык жана минералдык жер семирткичтерди чачуу менен, дан өсүмдүктөрүнүн өсүү жана бышып жетилүү тездигине байкоо жүргүзгүлө. Машактын жана дандын өлчөмүнүн жер семирткичтерди чачууга көз каранды экендиги жөнүндө корутунду жасагыла (ошондо эле, 120-бет).

Мындай байкоо жүргүзүүлөр балдарга жаныбарлардын жана өсүмдүктөрдүн дүйнөсүндө дайыма болуп туруучу өзгөрүүлөр жөнүндө гана эмес, бул өзгөрүүлөрдүн диалектикалык мүнөзү жөнүндө да түшүнүк берет.

Окуучулардын диалектикалык ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү үчүн В. А. Сухомлинский пайдаланган эмки жол — бул, аларда карама-каршы ой жүгүртүүнү жокко чыгарууга шашылбоо, ал эми аны каралып жаткан менен салыштыргандан кийин анын маанисине тереңирээк түшүнүү сапатын тарбиялоо үчүн, карама-каршылыктарга кезиккенде (ал эми жаратылыш менен тааныштырганда мындай учурлар көп болот) аларды туура ой жүгүртүүгө үйрөтүүгө умтулуу болуп саналат. Мисалы, тигил же бул жаныбардын пайдалуулук же зыяндуулук даражасына баа бере турган учурда окуучулар анын аракеттерин чөйрөнүн ар түрдүү шарттарында жана аны менен тыгыз байланышта анализдөөгө тийиш.

Кээ бир мисалдарды келтирели.

Алай районунун бир катар мектептеринде (Костырь атындагы, Октябрь атындагы сегиз жылдык мектептер, Макаренко атындагы орто мектеп) жергиликтүү жаныбарлардын зыяндуулук же пайдалуулук даражасын канчалык биле тургандыктарын аныктоо боюнча изденүү мүнөзүндөгү суроого жазуу жүзүндө жооп берүү экинчи класстын окуучуларына сунуш кылынган болучу. Алардын көпчүлүгү талаа түлкүсүн бул жырткычтын канаттуулар короосуна кол салган учурдагы кылыктары жөнүндө чоң кишилердин айткан жомокторунан жана аңгемелеринен калган таасирлеринин натыйжалары боюнча зыянкечтердин арасына кийришти. Окуучулардын бир аз бөлүгү аны пайдалуу жаныбарлардын арасы-

на кийиштп, анткени ал талаалардагы кемирүүчү-зыянкечтерди жок кыла тургандыгы жөнүндө окушкан, радиодон угушкан жана кино фрагменттеринен көрүшкөн. Бирок алардын көбү жырткычтын эки сапатын тең белгилеп, өзүнчө бир корутунду жасашты, анда, түлкүнүн адамдын турмушундагы ролу көп жагынан ал кандай шарттарда жашаса, мына ошого байланыштуу боло тургандыгы белгиленген. Айрым алганда, эгин айдоолоруна жакын жерлерде келемиштерди, момолой жана сары чычкандарды жок кылуу менен түлкү зор пайда келтирери шексиз. Канаттуулар фермаларынын чет-жакаларында жана корукка алынган жерлерде болсо, ал өзүн эзелтен берки зыянкеч—пайдалуу канаттууларды кырып жок кылуучу катары көрсөтүшү мүмкүн. Жооптордун натыйжаларын жакшы деп атоого болбойт, бирок мугалимдер үчүн анын педагогикалык баалуулугу чоң, анткени өзүнүн баяндап айтуу мүнөзүндөгү каталыктарын түшүнүүгө, ошондой эле иште туура багыт алууну белгилөөгө мүмкүндүк берет.

Үчүнчү класстарда суроо тереңирээк ой жүгүртүүнү талап кылган: «Тайганын шарттарына жайгаштырылган бөкөн жана коён сыяктуу сөзсүз пайдалуу талаа жаныбарлары кандай көнүгүшөр эле?»

Макаренко атындагы орто мектепте берилген жооптор жакшы натыйжалуу болгон (мугалимдер Л. Н. Савчук, Т. Абдылдаева). Алардын бир азы, бул жаныбарлар ачкадан өлүп калмак деп жооп беришти. Кээ бирөөлөрү болсо, бул жаныбарлар кайра талаага качып кетүүгө аракеттенмек деп, негизинен туура, бирок өтө эле үстүртөн кеткен жоопторду беришкен. Бирок алардын теңинен көбү бул адаттан тышкаркы көрүнүштү экология жагынан алып карап, жөнөкөйлөштүрүп түшүндүрүүгө аракет кылышты. Көбүнчө бул жооптор, өздөрү үчүн көнүмүш болгон азыгын таба албай, коён менен бөкөндүн аргасы эмне болот эле деген ойго барып такалып жатты. Берилген жооптордун бир аз бөлүгүндө бул учурда келип чыккан карама-каршылыктардын элементтери чагылдырылганы өтө маанилүү болгон. Мисалы, тайгада суу көп болгондуктан жана анын үстүнө чытырман токойдун арасынан ызгыган ылдамдык менен өтүп жүрүп отуруу кыйын болгондуктан, бир күндүн ичинде анча көп алыстап кете албай, бөкөн өзүнүн жашоо түрүн өзгөртмөк, деп белгилешти алар. Бирок бул учурда ага оттоп тою-

нууга чөп жетишпей калышы мүмкүн, кырчын тал-жыгачтарды кемирип жеп, ошонусу менен зыян келтирмек. Туура деп табылган мындай жооп шек санатат, бирок педагогикалык жагынан ал жогору бааланат, анткени мындан окуучулардын ой жүгүртүүсүнүн чыгармачыл активдүүлүгү айкын билинип турат.

Окуучулардын бири-бирине карама-каршы келүүчү ар тараптуу сапаттарын эске алып, мугалим жаратылышты үйрөнүү жагынан жаңы түшүнүктөрдү берүүгө тийиш экендиги келтирилген мисалдардан көрүнөт. Бул, окуучуларды улам өсүп бараткан информациянын азыркы кездеги шарттарында ушунчалык зарыл болгон диалектикалык ой жүгүртүүгө тарбиялоого түрткү берет. Мындагы зарыл шарт сабактан сабакка карай тандап алган багытында мугалимдин тынымсыз талбай иштөөсү болуп саналат.

Окуучулардын диалектикалык-материалисттик көз карашын калыпташтыруу үчүн, диалектикалык ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүдөн башка, В. А. Сухомлинский, сабактарда болсун, ошондой эле жаратылышта байкоо жүргүзүү процессинде болсун, тирүү организмдердеги тиричилик процесстердин материалдык маңызын аларга көрсөтүүгө умтулган. Мисалы ал: «Жашыл жалбыактагы татаал биохимиялык процесстер жөнүндө аңгемени угуу менен, өспүрүмдөр адамдын эркинен жана аң-сезиминен тышкары болуп жаткандарды гана эмес, жаратылыштын сырларын билүү үчүн адам эмнелерди жасагандыгын да таанып-билишкенин» белгилешкен (ошондо эле, 120-бет).

Окуучулар менен уюштурулуучу жаратылышта үзгүлтүксүз байкоо жүргүзүү процессинде Тогуз-Торо районундагы Казарман орто мектебинин мугалими Н. Е. Золотухина тирүү организмде жүрүп жаткан тиричилик процесстеринин закон ченемдүүлүгүн дайыма айрыкча белгилөөгө аракет кылат. Жаратылыштагы сезондуу кубулуштарга көп жылдардан берки байкоо жүргүзүүлөр (жалбыактын түшүшү, жаныбарлардын кышка даярдык көрүшү) алардын циклдүү мүнөзүнө ишенүүгө да, ошондой эле алардын келүү мөөнөттөрүнүн тышкы факторлорго көз каранды экендигин айкындоого да мүмкүндүк берет. Мисалы, өсүмдүктөрдүн гүлдөп бүтүшү менен, башка тиричилик формаларында (жумурткаларында, куколкаларында, гусеницаларында) өзүнүн тукумун

калтырып, алардын нектары менен азыктанган курт-кумурскалар жок болуп кетет. Көп курт-кумурскалардын жок болушу менен, алар ж. б. менен азыктанган канаттуулар да түштүккө учуп кетишет. Анабиоз абалына кирген (уйкуга кирген) жаныбарларга (бакалар, жыландар) байкоо жүргүзүп, окуучулар бул процесстин тереңдигинин жана мөөнөттөрүнүн температурага, курчап турган чөйрөгө көз караңды экендигин айкындашат.

Жаратылыштагы нерселер менен кубулуштардын материалдык маңызына ишенгендик диалектикалык материалисттик көз караштын негиздерин калыпташтыруу-га түртку берип гана тим болбостон, аларды тереңирээк үйрөнүү үчүн кошумча мүмкүндүктөрдү да ачып көрсөтөт.

§ 5. Жаратылышта окуучуларга атеисттик тарбия берүү.

Илимге каршы багытталган көз караш менен, айрым алганда, ушул убакка чейин буржуазиялык идеологиянын өтө кубаттуу жана өтө массалык бир түрүн түзүүчү диний идеология менен күрөшүү боюнча чаралардын системасын уюштуруусуз окуучулардын илимий көз карашын калыпташтыруу мүмкүн эмес. Курчап турган айлана-чөйрөдөгү жаратылышка жана адамдарга болгон мамилесинде адам жалгыздыгын жана алсыздыгын сезген жерден чиркөө кызматчылары, ыңгайлуу шарт таап, албетте, өз таасирине кийрүүгө аракет кылат.

Мына ушуга байланыштуу В. А. Сухомлинский тарбия берүү ишинин системасында «адам жогорку кенч экендиги жөнүндө, турмуштун улуулугунда, мазмундуулугунда, моралдык байлыгында чыныгы адам умтулган максат жаткандыгы жөнүндөгү ойду жаш өспүрүмдөрдүн жүрөгүндө» бекем орун алдырууга умтулган («Адам — жогорку кенч». М., 1971, 115-бет). Бул ойду бекемдөөнүн жолдорун табуу, адамдын келип чыгышы жөнүндөгү, өспүрүмдөрдө өз сыймыгын жана чыгармачыл турмуштун мазмундуулугун сезе билүүнү тарбиялоо жөнүндөгү ойду бекемдөө зарыл болгон.

Практика көрсөткөндөй, жаратылыш менен байланыштын ар түрдүү формалары, айрым алганда, адамдын оюнун кудуреттүүлүгү жөнүндө ишенимди калыпташтырууга түртку берүүчү практикалык чаралар менен айкалыштырылган адамды үйрөнүү боюнча аңгеме өткөрүү

бул багытта көбүрөөк натыйжа берет. «Жаратылыш жө-нүндө аздап ой жүгүртө баштоо,— деп жазган ал,— акы-ры жүрүп отуруп мелмилдеген дайра сымал терең ойду пайда кылат» («Мектеп жана жаратылыш», 1970).

Чиркөөнүн окуусу боюнча, жаратылышта өтүп жат-кан табигый процесстердин жүрүшүнө адам тоскоолдук кыла албайт. Чындыгында алардын көбү сырдуу мүнөз-дө болот (анабиоз, тиричиликтин бир формадан экинчи формага өтүшү ж. б.). Максатка багытталган байкоо жүргүзүүлөрдүн процессинде болсо өспүрүмдөр жара-тылыштын сырларын таанып-билип, мына ошонусу ме-нен өзүнүн көз алдында өзүн сыймык даражасына көтөрөт.

Жаратылышта сезондор боюнча үзгүлтүксүз байкоо жүргүзүү, тышкы түрүнүн өзгөрүшүн, жалпы фонун жа-на анын айрым объектилерин фиксациялоо, алардын көбүнүн жок болуп кетиши тирүү организмдин өлүмү сыяктуу табышмактуу көрүнүштүн жашырын сырын окуучулардын алдында ачып көрсөтөт. Өлүм дайыма чиркөө кызматкерлеринин колундагы эң маанилүү көзүрү болуп келген, аны менен алар ар кандай учурларда ишенбегендерди коркутуп, анын адаттан тышкары маанисин далилдей алышкан. Ошентип, курт-кумурска-лардын массалык түрдө кырылышы же алардын күтүл-бөгөн жерден пайда болушу, мисалы, чегирткенин, өсүм-дүк митесинин, алма күбөсүнүн, мөмө жегичтин ж. б. каптап кириши сыяктуу жандуу жаратылыштын кубу-луштары сабатсыз адамдар үчүн дайыма түшүндүрө ал-гыс укмуштай болуп көрүнөт. Курт-кумурскалардын ти-ричилигине такай байкоо жүргүзүп жүргөн окуучулар болсо, көп зыяндуу курт-кумурскалар, күзүндө кырылып жок болуу менен, өзүнүн көп сандаган тукумун (жумурт-каларын, куурчакчаларын) башка формаларда калтыра тургандыктарын жакшы билишет, алар кыймылсыз бол-гондуктан, байкалбайт, бул тиричилигин сактап калуу үчүн өзүнчө бир ыңгайлануу болуп саналат. Ыңгайлануу шарттардын келээри менен курт-кумурскалардын тири-чилиги, кыймылсыз формалардан кайра кыймылдуу формаларга өтүп, жыбыраган зыянкечтер капысынан жок жерден пайда боло калгандай элести туудурат. Мы-на ушинтип, «ар кандай өлүм жаңы тири жандын пайда болушу менен кошо жүрө тургандыгын жаратылыш да-лилдейт» («Адам — жогорку кенч», 195-бет).

«Табияттан тышкары» болуп көрүнгөндөрдүн баарынын материалдуу экендигин балдарга далилдөөгө умтулуп, В. А. Сухомлинский адамды үйрөнүү боюнча алар менен атайын аңгемелерди өткөргөн, анын максаты, бир жагынан, адамдын улуулугун, бардык тири жандардын келечеги үчүн анын жооптуулугун көрсөтүү болгон. Экинчи жагынан, адам — адаттан тышкаркы жан эмес экендиги, ал ошондой эле жаратылыштын табигый бир бөлүгүн түзүп тургандыгы жөнүндө пикир аңгеме өтүлгөн учурларда айтылган. Башкача айтканда, аңгеменин мазмунунан жаратылыш материалдуу жана аны таанып-билүүгө боло тургандыгы, келечекти кудай эмес, адам жарата тургандыгы балдарга түшүнүктүү болуп калат. Чүй районундагы № 2 Чүй мектеп-интернатында, ошондой эле негизинен Фрунзе шаарындагы № 27, 10-жана 24-орто мектептеринин окуучуларынан турган ЦДТЭС биологиялык-край тааануу кружогунун катышуучулары менен окуучуларга атеисттик тарбия берүү боюнча максатка багытталган иш туризмди уюштуруу процессинде авторлор менен өткөрүлүп келген. Мында Фрунзе жана Токмок шаарларынын чет-жакаларына ондогон бир күндүк жүрүштөр, ошондой эле көбүнчө Заили жана Күңгөй-Ала-Тоолоруна бир нече көп күндүк жүрүштөр өткөрүлгөн болучу.

Адамдарга карата болгон өзүнүн таасирин бекемдөө үчүн дин табигый кырсыктарды, өзгөчө эпидемиялардын таралышын пайдаланат. Адам үчүн өтө коркунучтуу чума оорусу кудайдын кудурети менен жиберилген жаза катары түшүндүрүлгөн. Мурда Кыргызстандын Борбордук Тянь-Шандык бир кыйла бөлүгү бул оорунун таралышынын табигый очогу болуп келген. Республиканын территориясына массалык санда таралган суурлар жана ошондой эле анын денесиндеги мителик кылган бүргөлөрү чуманы жугузуучулардан болушат. Оорулуу жаныбарлар башка райондорго да ооп барып калышы мүмкүн, ошондуктан балдар менен жүрүшкө чыгардын алдында милдеттүү түрдө бул жөнүндө аңгеме өткөрүү керек. Эгер суурдун өлүгү кезиксе, эч убакта терисин сыйрыбастан, жерге тереңирээк казып көөмп туруп, бул факты жөнүндө саламаттык сактоо органдарына билдирүү зарыл.

Жаратылыштагы организмдердин максатка ылайыктуулугу жана өкүм сүрүп тургандардын тууралыгы жө-

нүндө диний көз караштардын негизсиздигин ириде жүрүштө жүргөндө далилдөөгө болот.

Мисалы, көп күндүк жүрүш убагында Күнгөй-Ала-Тоо кыркаларынын зоналарына таралган жаңыбарларга байкоо жүргүзгөндө жаш туристтер бул же тигил жаңыбарлардын пайда болуу жана жок болуп кетүү чектерин өз күндөлүктөрүнө белгилешкен.

Белгилүү бир системага келтирилген жаңыбарлар тобуна байкоо жүргүзүү боюнча ар бир звено же айрым окуучу тапшырма алып, ошону менен бирге өсүмдүктөрдүн жана жердин бийиктигинин, түсүнүн, дүүлүгүүгө таасирденүүлөрдүн алмашышы менен жаңыбарлардын санынын өзгөрүшүн чагылдырып көрсөтүүгө, курчап турган чөйрөгө жаңыбарлардын ылайыкташуусун белгилөөгө тийиш болгон. Башкача айтканда, окуучулар, мына ушул план боюнча иштөө менен, сырткы шарттардын организмге тийгизген таасири жөнүндө өз алдынча корутунду жасоого тийиш. Айрым алсак, кемирүүчүлөрдүн зоналарга таралышына байкоо жүргүзгөн Р. Бористин күндөлүгүндө мындайча белгиленет: «Карагайлуу токойдун ичинен биз бир тыйын чычканды көпкө убараланып жатып кармап жандуу бурчта ага байкоо жүргүзүү үчүн өзүбүз менен кошо алып келаткан элек. Бирок биз ылдый шалбаага келип тынығып отурганыбызда тыйын чычкан кутудан булт этип чыгып, аз жерден качып кете жаздады. Биз аны оңой эле кармап алдык, анткени дарақта көзгө илээшпей, шамдагйа чуркаганы менен, түз жерде качууга анын эби жок болуп калды». Бул жазганында окуучу жаңыбарлардын ыңгайланышуусунун салыштырмалуулугун белгилейт.

Жыландын кыймыл-аракетине байкоо жүргүзүп, анын арбагычтыгы жөнүндөгү апыртманын негизсиз экендигине окуучулар ишениште. Түсү боюнча айланатегерегиндеги жерден айырмаланбай, канаттуулар үчүн жылан байкалбай кала тургандыгы, ошентип, жерге конор замат кармап алыш үчүн оозунан тилин чыгарып, куртка окшотуп соймондотуп жаткан жыланга алданган канаттуу капысынан төмөн түшүп кармайм деп анын азыгы болуп калышы мүмкүн экендиги белгиленген.

Муну байкап карап турган кишиге жылан чыны менен эле «көктөгү канаттууну арбап өзүнө тартып жаткандай» болуп көрүнүп, жаңылыш элести туудурат.

Андан башка туристтик жүрүштөрдө жаңыбарлар

дүйнөсү менен таанышуу учурунда көптөгөн жок нерселерге ишенүү сандырактык экендигине окуучулар өздөрү ишенүү сандырактык экендигине окуучулар өздөрү ишене алышат («олжолуу бол!»— деп мергенчиге тилектештигин айтуу, үкүнүн чаңырганын кырсыктын белгиси катары кабылдоо, күкүк канча жолу күкүктөп сайраса, аны угуп турган кишинин өмүрү ошончого созула тургандыгын болжолдоп билүү ж. б.).

Чиркөөнүн окуусу боюнча жаратылышта өтүп жаткан табигый процесстердин жүрүшүнө адам тоскоолдук кыла албайт. Мындан ар түрдүү жаныбарлардын пайдалуу же зыяндуу экендигине окуучуларды ишендирүү жана мына ошол пайдалуу жаныбарларды коргоо ишине аларды тартуу колдон келсе, анда бул дагы атеисттик тарбия берүүгө жардам кыла тургандыгы ушундан улам айкын болот.

Зоология курсунда, пайдалуу жаныбарлар менен катар, зыяндуу жаныбарлар да окуп үйрөнүлөт. Бул толук түшүнүктүү, анткени окуучулар айыл чарбасынын зыянкечтерин, оору таратуучуларды билүүгө тийиш. Адатта, эгер окуучу кайсы жаныбарлар зыяндуу, ал эми кайсылары пайдалуу болуп саналарына сабакта жана сабактан тышкаркы убактарда жооп бере ала турган болсо да, бул ага бекем ишенет дегендикке жатпайт. Баары айкын шарттарга байланыштуу болот. Окуучулар жаныбарлардын пайдалуу экендигине көзү жеткенде гана аларды коргоого активдүү катыша алат.

Ийини аңдын түбүнөн табылган талаада жашоочу кызыл түлкүнүн жеген азыгынын сиңирбей калган калдыктарын изилдөө, чычкандар жана башка кемирүүчүлөр анын негизги азыгы болуп санала тургандыгын көрсөттү, демек, биерде бул жырткыч пайдалуу жаныбар.

Ушуга окшогон бир катар байкоо жүргүзүүлөрдөн жана анын натыйжасында жасалган корутундулардан кийин окуучулар жаратылыш байлыктарын жөн гана сыртынан байкоочу болбостон, аны коргоонун активдүү катышуучулары болуп калышат.

Чүй мектеп-интернатына жакын жайланышкан көлмөдө сазан балыгын аман алып калуу фактысы буга үлгү боло алат.

Жыл өткөн сайын көлмө булгана бергендиктен, андагы балыктар азайып, жок боло баштаганын байкашты. Ошондо ошо көлмөнүн жанында жайланышкан дагы

бир кургап калган көлмөнүн түбүн тазалап чыгышты да, ага суу жибериштн. Балык арык менен таза көлмөгө агып кирди, калгандарын болсо кармап алып барып, сууга коё бериштн. Андан кийин эски көлмөнүн сайы тазаланган болучу, азыр эки көлмөдө тең сазан балыгы бар.

§ 6. Ар нерсеге кызыгуу жана зээндүүлүк жаратылышка гумандуу мамиле кылууну тарбиялоонун каражаты катарында экендиги.

Жаратылыш менен байланыш процессинде В. А. Сухомлинский окуучуларда андагы өсүмдүктөрдү, жаныбарларды, табигый ландшафттарды коргоону гана эмес, жаратылыш ресурстарын туура пайдаланууну, аларды үзгүлтүксүз калыбына келтирип турууну да тарбиялоого аракет кылган. Ушуну менен бирге ал: «жаратылыш өзү тарбиялабайт... адамдын жаратылыш менен активдүү өз ара аракеттешүүсү гана тарбиялайт»,— деген. (Мектеп жана жаратылыш, 42-бет). Башкача айтканда, жаратылышты коргоонун зарылдыгына жана бул багытта кандайдыр бир чараларды жүргүзүү зарыл экендигине окуучулар ишениши тийиш.

Кенже мектеп окуучуларына карата жаратылышты коргоо проблемасы аны сүйүүгө тарбиялоо менен тыгыз байланыштуу. Бул процесс мугалим тарабынан максатка багытталгандык менен жүргүзүлүүгө тийиш жана балдардын аларды курчап турган жаратылыш чөйрөсүнө туруктуу кызыгуусу, бул жагынан зээндүүлүк көрсөтүшү анын негизи болуп саналат.

Балдардын зээндүүлүгүнүн психологиялык жаратылышын андан ары өнүктүрүү үчүн Кыргызстандын окумуштуулары В. А. Беленконун, Е. М. Герчикованын, Н. Н. Палагинанын, Т. М. Попованын изилдөөлөрүнүн теориялык-практикалык чоң мааниси бар.

Жаратылыш менен байланыш процессинде ар нерсеге кызыгууну жана зээндүүлүктү өнүктүрүү акыркы убактын ичинде жаңы багыт алуу менен байыды: бул жаратылыш байлыктарына гумандуу мамиле кылууну тарбиялоодон гана эмес, аларды коргоодон, көбөйтүүдөн жана туура бөлүштүрүүдөн да көрүнөт. Традицияга айланып калган мындай иштердин бири — балдардын кызыгуусун козгоо максатында жаратылыш жөнүндө кызыктуу маалыматтарды аларга билдирүү болуп саналат.

Бирок жаратылыш менен байланыш процессинде балдардын ар нерсеге кызыгуусун жана зээндүүлүгүн өнүктүрүү максатында жаратылыш менен коомдук турмуш өз ара байланыштуу экендигин алардын түшүнүшүнө жетишүү зарыл. Башкача айтканда, балдарга жөн эле жаратылыш жөнүндө кызыктуу фактылардын суммасы берилбестен, кубулуштардын ортосундагы маанилүү байланыштар жана көз карандылыктар ачып көрсөтүлгөн жол гана көбүрөөк педагогикалык натыйжа берет.

Баарыдан мурда жаратылыштагы нерселер жана кубулуштар жөнүндө өзүнчө обочолонгон объектилер катарында эмес, курчап турган чөйрө өз ара тыгыз байланышта түшүнүк алуу гана бул милдетти чечүүгө жардам берет. Жалбыректын түшүшү жөнүндө жогоруда келтирилген мисалдан, өсүмдүктүн тиричилиги үчүн шарттардын бүтүндөй комплекси (суу, күн ж. б.) зарыл экендиги жөнүндө балдар түшүнүк алышат. Алардын өзүнчө обочолонуп өсүшү эч мүмкүн эмес.

Жаратылыш менен байланыш процессинде жаратылыштагы нерселер жана кубулуштар жөнүндө алардын динамикасында балдардын түшүнүк алышы да туура көз караштын калыпташтырууга жардам берет. Жаратылыштын белгилүү бир нерселерине ириде андагы маанилүү өзгөрүүлөрдү көрсөтүүгө боло турган учурларда алардын көңүлүн бурууну Сухомлинский мына ушул планда сунуш кылган. Кенже мектеп окуучуларына салыштырып караганда кубулуштардын динамикалык мүнөзү жөнүндө түшүнүктү көбүнчө табияттын кучагында туруп байкоо жүргүзүүлөр берет. Жети-Өгүз районундагы Ленин атындагы орто мектептин мугалими В. Ф. Щелокованын иш тажрыйбасынан мисал келтирели. Биринчи класстын окуучулары менен күзгү экскурсия жүргүзүүдө ал жылдын бул мезгилинин өзгөчөлүктөрүнө (жалбыректын күбүлүп түшүшүнө, жашынган курт-кумурскаларга, ээн калган канаттуулардын уясына ж. б.) алардын көңүлүн бурат. Кенже мектеп окуучуларынын физиологиялык-психикалык өзгөчөлүктөрүн эске алып, мугалим алар үчүн керектүү маалыматтарды акырына чейин жеткирүүнүн оңоюраак формасын — оюн формасын тандап алат. Ошондуктан окуучулар менен жалбыректын түшүшүнүн негизги себептерин айкындап, ар кими өзүнө жаккан бир даракты тандап алып, ал дарак-

тардын кайсынысынан батыраак жалбырак күбүлүп түшө тургандыгын болжоп табууну аларга сунуш кылат.

Кийинки экскурсиялардын убагында балдардын ар кими өз дарагын табат да, жалбырак түшүрүү ылдамдыгы жагынан алар бири-бири менен «мелдешкендей» болушат. Мында аларда эркисизден: «Эмне себептен?» деген суроо пайда болот. Кызыгуу гана эмес, зээндүүлүк да мына ушундан билинет.

Тандап алган даректарга кышында кезектеги байкоо жүргүзүүлөрдөн кийин (жалбырактын, кээ бир жаныбарлардын жашырын жайынын толук жок болушу) кимдин дарагында бүчүрлөр баарынан батыраак көөп чыгып, жалбырактары пайда болуп, гүлдөрү ачыла тургандыгын алар дагы болжоп табууга аракеттенишет. Мында тандап алынган объектилерге сейилдикке чыгууларды балдар жаратылышта болуп өткөн өзгөрүүлөрдү өздөрү белгилей ала турган учурларда өткөрсө жакшы болор эле. Ушундай болгондо алардын ар нерсеге кызыгуулары жана зээндүүлүгү гана өнүкпөстөн, анын натыйжасы катарында дайыма өзгөрүүдө болуп турган жаратылыш жөнүндө түшүнүгү да калыпташат. Мындай байкоо жүргүзүүлөрдүн процессинде жаратылыштын андан ары өнүгүшүндөгү адамдын аныктоочу ролун айырмалап көрсөтүү өтө чоң мааниге ээ болот. Жаратылышты коргоого багытталган балдардын практикалык иштери бул айтылган ойдун туура экендигин бекемдейт (даректардын түбүн жумшартып отоо, күбүлүп түшкөн жалбырактарды чогултуу, клумбалар менен жөөктөрдү сугаруу, кышында канаттууларга жем чачып тоюндуруп туруу ж. б.). Бул, табигый процесстердин жүрүшүн өз пайдасына багыттап жөнгө салып ынандырат. Ошондуктан жаратылышта окуучулар менен жүргүзүлүүчү коомдук-пайдалуу эмгектин бардык чаралары, алар өзү үчүн жана коллектив үчүн иштелип жаткан эмгектин пайдалуулугун жана зарыл экендигин түшүнө биле тургандай уюштурулууга тийиш. Ишке сүйгөндүк менен мамиле кылуу, андан кубаныч көрө билүү — адамдын чыгармачылыгынын ачылышынын зарыл шарты болуп саналат.

Жогоруда келтирилген мисалдар негизинен жандуу жаратылыштын объектилери жана кубулуштары менен байланыш процессинде кенже мектеп окуучулары менен иштөөгө тиешелүү. Бул балдар үчүн өтө кызыктуу болушу мүмкүн, анткени жансыз жаратылыш жөнүндө өз ал-

дынча дээрлик суроо беришпейт. Башталгыч класстардын окуучуларынын ар нерсеге кызыгууларын жана зээндүүлүгүн өнүктүрүүнүн жогоруда баяндалып жазылган жолдору жансыз жаратылышка да туура келе тургандыгын практика көрсөттү, бирок, алар үчүн анча кызыктуу жана түшүнүгү анча жеткиликтүү болбогондуктан, мында өзүнүн спецификалык өзгөчөлүктөрү да бар. Бул жерде фактылардын кызыктуулугу эмес, жаратылыштын закон ченемдүүлүктөрүн ачып көрсөтө билүүгө жана ошону менен бирге алардын кызыгуусун пайда кылууга педагогдун жөндөмдүүлүгү өтө маанилүү болот. К. Д. Ушинский, мисалы, мындай деп жазган: «Жаратылыштын логикасы дегенибиз балдар үчүн эң жеткиликтүү—көрсөтмөлүү жана төгүндөлгүс логика болот. Ар кандай жаңы нерсе менен таанышуу—салыштырууга салып акылдуу ой жүгүртө билүүгө, мурда эле эсинде орноп калгандарга дагы жаңы түшүнүктөрдү кийрип сезимди байытууга, окуп үйрөнүлгөн түрлөрдү бир беткей тартипке келтирүүгө мүмкүндүк берет. Ар кандай физикалык кубулуштар да балдардын логикасы үчүн эң сонун көнүгүү болуп саналат. Мында бала ар нерсенин себептери, натыйжалары, максаттары, арналышы, коррутундулары жана ойлонуп бир пикирге келүү деген логикалык түшүнүктөрдү көрсөтмөлүүлүк менен практика жүзүндө өздөштүрөт» (Чыгармалар жыйнагы, 5-т., РСФСР ПИА басмасы, 1949, 340-бет).

Аламүдүн районундагы Маевка орто мектебинин мугалими С. Т. Чипкова балдар менен иштеген учурда биринчи класстын окуучуларынын практикалык аракеттеринин өзгөчөлүктөрүн негиз кылып алат. Оюн мүнөзүндөгү алдын ала практикалык иш жүргүзүү жолу менен ал балдардын жансыз жаратылышка кызыгуусун козгоого аракет кылып көргөн. Мисалы, жамгырдан кийин чуңкурларга толуп токтоп калган чөөттөрдөн суу чыгаруу. Алардын мындай ишке кызыкканы бир аз убакытка созулат, бирок бат эле андан жадап кетишет. Оюнга кандайдыр бир белгилүү турмуштук баалуулугу бар айкын мазмундуу түр берүү керек болучу. Балдар менен болгон аңгемеден, талааларды жана огороддорду сугаруу зарылдыгы жөнүндө, арыктар жана каналдар жөнүндө алардын кээ бир түшүнүктөрү бар экендиги айкындалды. Ошондуктан Кыргызстандын кургакчыл жай мезгилинин шарттарында сугаруу зарылдыгы жө-

нүндө, суу сактагычтар, андагы суунун топтолушу жана анын андан ары сарпталышы жөнүндө айтып берип, алардын түшүнүктөрүн толуктоо гана калды. Андан кийин чөөт «суу сактагычка» айландырылып, сугаруу үчүн «каналдарды» казып суу чыгаруу жолдорунун участоктору ж. б. белгиленди. Балдар абдан кызыгып калышты, алар бир далай сунуштарды киргиш, оюнга катышууну каалагандардын саны көбөйүп кетти. Эмки жамгырды чыдамсыздык менен күтүп жүрүштү. Балдардын кылган аракеттерине байкоо жүргүзүп, оюндун мындай уюштурулушу алардын чыгармачыл ой жүгүртүшүнө кандай түрткү бергендигин белгилеп кетсе болот.

Бирок улам арылаган сайын бул оюндан балдардын сонуну тарап бараткандыгын байкадык.

Оюнду такыр таштап койгондо да болбоду, анын үстүнө бизде жамгыр да аз жаайт. Ошондуктан, өзүнүн мазмуну боюнча курулуш материалдарын даярдоо, суунун сайларын бекемдөө, плотиналарды ж. б. куруу менен кошо жүргөн каналдардын жаңы системасын даярдоо менен байланышкан башка оюндарды ойлоп табууга туура келди. Бул оюнда зээндүүлүк өз ишин жакшы билүүчүлүк менен айкалышып, кошумча билим берүүчү материалга муктаждык келип чыкты.

Мына ушинтип, мектепке чейинки жаштагы балдардын жаратылыш менен байланыш процессинде ар нерсеге кызыгуусун жана зээндүүлүгүн өнүктүрүүдө белгилүү объектиге убактылуу кызыгууну гана козгоочу бир системага келтирилбеген билим берүүдөн оолак болуу керек.

Кенже мектеп окуучуларынын ар нерсеге кызыгуусун жана зээндүүлүгүн өнүктүрүүнүн андан кийинки багыты — бул аларды коммунисттик курулуштун практикасы менен тааныштыруу болуп саналат. Албетте, мына ушул проблеманы чечүүдө үй-бүлө чоң роль ойнойт, анткени, анда ар түрдүү кесиптеги жана жаштагы адамдар биригишкен. Бирок, балдарды психологиялык жана практикалык жагынан системалуу турдө эмгекке даярдоо милдеттери бардык эле үй-бүлөлөрдө тийиштүү деңгээлде чечилип жатпагандыгын эске алып, биз, тарбиячылар өзүнүн ишинде жалпы максатты — балдардын зээндүүлүгүн жана ар нерсеге кызыгуусун өнүктүрүү процессиндеги эң негизгини — алардын эмнеге шыктуулугун жок дегенде болжолдоп аныктоону, ага мүмкүн

болушунча көбүрөөк колдоо көрсөтүүнүн жолдорун табууга аракет кылууну жетекчиликке алууга тийиш деп эсептейбиз, анткени мындай ыкманы колдонуу акыр-аягында бекер отурбай, кандайдыр аракет кылууга көнүккөн адамды тарбиялап чыгууга жардам берет.

Балдардын ар нерсеге кызыгуусунун жана зээндүүлүгүнүн туруктуу болушу курчап турган жаратылышты жакшыртуу ишине балдардын практика жүзүндө катышуусу зарыл экендигине түшүнүүсүн калыпташтыруу үчүн али жетишерлик гарантияны түзбөйт. Бирок ушунун баары окуучулардын жаратылышты коргоо боюнча алган билимин терендетүү жана кеңейтүү жагынан алып караганда таанып-билүү мүнөзүндөгү экскурсиялардын натыйжалуулугун сезилерлик түрдө жогорулатат.

Чүйдөгү № 2 мектеп-интернатынын үчүнчү классынын окуучулары менен мугалим В. А. Пустернаковдун жетекчилиги астында зоологиялык музейге жүргүзүлгөн экскурсиядан мисал келтирелик. Мектептин четжакаларындагы бул же тигил жаныбарлар мекендеген өзүнчө кичине участокторго алдын ала экскурсияларга баруу жана сейилдикке чыгуу (сары чычкандар жашаган талаага, түркүн канаттуулар кезиккен токойго, ийри-буйру кеткен жалгыз аяк жол менен адырларга чыгуу) жаныбарлар дүйнөсүнө дайыма кызыгууну калыпташтырууда өзүнүн жакшы таасир этүүчү ролун ойноду. Бул улам жогорку класстарга көчкөн сайын Кыргызстандын жаныбарлар дүйнөсү менен окуучулардын толугураак таанышуусун болжолдоп белгилөөгө негиз берди.

Экскурсиянын максаты: Кыргызстандын жаныбарларынын көп түрдүүлүгү жана аларды коргоо маселелери менен окуучуларды тааныштыруу, организмдин жана айлана-чөйрөнүн өз ара байланыштуулугу жөнүндө жөнөкөй түшүнүктөрдү берүү.

Республикалык зоологиялык музей мындай экскурсия үчүн объект болуп саналат. Бул Фрунзе шаарынын мектептерине гана эмес, атайын жабдылган транспорту бар жана окуучулардын жашын эске алуу менен борборго барып келүүгө мүмкүнчүлүгү болгон мектептерге да тиешелүү. Ушул эле максатта жергиликтүү край таануу музейлерин (мисалы, Ош менен Пржевальск шаарларынын), ошондой эле бир катар мектептердин (Талас районундагы «Каракол» орто мектебинин, Токтогул

районундагы Карл Маркс атындагы орто мектептин ж. б.) зоологиялык жана биологиялык кабинеттерин пайдаланса болот.

Өз крайынын жаныбарлары жөнүндө окуучулардын күндөлүк турмуш маалыматтарынын запасы ушунчалык көптүгүнөн, аны бир системага келтирүү жана кээ бир тактоолорду жүргүзүү гана зарыл болгондуктан, адатта экскурсия жыйынтыктоо катарында өткөрүлөт.

Экскурсия убагында негизги көңүл анын фронталдуу бөлүгүнө бурулат, ошондуктан карандаш менен дептерден башка өзгөчө жабдуунун кереги жок. Мугалим сүрөткө тартып алышы мүмкүн, бирок, эгер экспонаттар айнектелген стеллаждарда жайланышкан болсо, тартып алынган сүрөттөр сапатсыз боло тургандыгын эстен чыгарбоо керек.

Экскурсияга даярдануу процессинде, алдын ала экскурсиялык объектилерге баргандан башка, мугалим төмөндөгү адабияттар менен таанышып чыкты:

1. К. Р. Беренс, П. С. Тюрин. Кыргызстандын канаттуулары жана айбанаттары жөнүндө очерктер. Фрунзе, 1967.

2. М. Н. Большаков. Кыргызстандын жаратылышы. Фрунзе, 1962.

Бир тууган крайдын жаныбарларынын тиричилигиндеги фенологиялык кубулуштар жөнүндө эсте калган маалыматтарды калыбына келтирүү үчүн окуучуларга эки жылдан берки жеке өзүнүн күндөлүктөрүн карап чыгуу сунуш кылынат. Бул экскурсияда аткарылган иштердин көлөмү анча чоң эмес болгондугуна карабастан, бардык окуучулардын ортосунда кандайдыр бир жаныбарды сүрөттөп жазып чыгуу боюнча тапшырмалар бөлүштүрүп берилген болучу.

Экскурсиянын мазмуну жана жүрүшү.

Баарыдан мурда мугалим окуучуларды Кыргызстандын курт-кумурскалар дүйнөсүн чагылдырып көрсөтүүчү экспонаттар менен тааныштырат. Курт-кумурскалар — душмандары өтө көп болгон жана жагымсыз шарттардан дайыма жабыр тартып өлүп жок болуп туруучу жаныбарлардын абдан алсыз өкүлдөрүнүн бири экендигин ал белгилей кетет. Бирок буга карабастан алар кээде жаратылышка зор зыян келтирүү менен жа-

шоосун уланта беришет. Өзүнүн жашагычтыгы менен алар тез-тез тукумдап көбөйүп турушуна, салыштырмалуу кичине көлөмүнө, бал аарыларга, жапан аарыларга, көгөндөргө мүнөздүү болгон коргогуч функцияны ийгиликтүү аткаруучу органдарынын (уулуу бездери, ийнеси, оозунун сайып алгыдай жана кесип жибергидей ылайыкталышы) кайра пайда болушуна милдеттүү. Алардын кээ бирлери жансыз нерселерге окшош болгондугу менен (жаа, чыртылдак конуз, чегиртке), башкалары — байкалбас түсү менен (алма күбөсү) билинбей аман калышат. Башка жаныбарлар үчүн желе турган курт-кумурскалардын бир даарысынын желбей тургандар менен жалган окшоштугу бар. Андан кийин мугалим Кыргызстанда өтө көп таралган курт-кумурскаларды — айыл чарба өсүмдүктөрүнүн, декоративдүү жана башка адам үчүн пайдалуу өсүмдүктөрдүн зыянчектерин атап чыгып, аларды балдардын алдында демонстрациялайт. Бул канаты жок өсүмдүк митеси, ал өзүнүн соргоктугу менен жашыл бак-даректарга чоң коркунуч туудурат; кампа шиш тумшугу көп эгинди жок кылат: күздүкчү шайтан көпөлөк кант кызылчасынынын айдоолоруна зыян келтирет; алма күбөсү алманын жалбыректарын жеп жок кылат; мөмө жегичтер мөмөгө тешип кирип бузат ж. б. Бирок ушуну менен бирге мугалим, курт-кумурскалардын көпчүлүгү адамдын душманы экендигине карабастан, айыл чарба өсүмдүктөрүнүн, жыгач жана бадал өсүмдүктөрүнүн зыянкечтерине каршы, оору козгогучтарды таратуучуларга каршы күрөш, эгер жогоруда айтылып өткөн ушул эле курт-кумурскалар классынын өкүлдөрүнөн чыккан көп сандаган достор бизге бул жагынан жардам бербеген болсо, мынчалык ийгиликтүү болбостугун милдеттүү түрдө айрыкча белгилейт.

Балыктардын нымдуу препараттарына окуучулардын көңүлүн буруу менен, мугалим, Кыргызстандын суулары-нан кезигүүчү балыктардын теңинен көбүнүн промыселдик мааниси бар экендигин айтат. Бул жагынан алып караганда ысык-көл чабагынын, ошондой эле каңылтыр менен кадимки сазан балыгынын өтө чоң маанисси бар. Согуштан кийинки жылдарда Ысык-Көлгө севан форели алынып келинген жана ийгиликтүү климатташтырылган, ал азыр эң ири балык — салмагы 16 кг га чейин жетет.

Жыландарды, кескелдириктерди жана ташбакаларды

карап чыгуу менен, балдар, албетте, жаныбарлардын бул тобунун уулуу өкүлдөрүнө кызыгышат. Ошондуктан мугалим, кээ бир гана жыландар (калкан тумшук, кара чаар жылан, гюрза, кобра) адам үчүн уулуу жана коркунучтуу экендигин түшүндүрүп айтып берет. Бирок бул жыландар толук жок кылынууга тийиш дегендикке жатпайт. Азыркы учурда жыландын уусун өнөр жайында өндүрүү иши жөнгө салынып, андан эң баалуу дарыларды даярдашат. Айрым алсак, Фрунзе шаарында өлкөбүздөгү эң ири жылан питомниги иштеп жатат.

Кайсы музейде болбосун канаттуулар классынын өкүлдөрү өтө көп сандуу. Бул канаттуулар бөлүмүнө окуучулар дайыма абдан кызыгышат, анткени алар кичинекей кезинен тартып эле канаттуулардын тиричилигине тикеден-тике катышышат. Аңгеме процессинде балдар өздөрү үчүн көп жаңылыктарды билишет. Айрым алсак, республикабыздын территориясында мекендеген жырткыч канаттуулардын бардыгы дээрлик абдан пайдалуу экендиги жөнүндө билдирилген маалыматтар аларды күтпөгөн жерден кубантты, анткени талааларга жана огороддорго зыян келтирген кемирүүчүлөр алардын азыгынын негизин түзөт. Саздак жерлерден кездешүүчү бөктөргө (сууда сүзүүчү канаттууларды кырып жок кылат), кыргый жана куш гана залал келтирүүчүлөрдүн катарына кирет. Окуучулар Кыргызстандын өтө мүнөздүү канаттуулары болуп саналган уларлар, кекиликтер, жорулар жөнүндө да билишет.

Кемирүүчүлөрдү балдар күндөлүк турмушунда көп кездештиргендиктен, ал эми булуттун ары жагындагы бийикте жашоочу жаныбарлар алар үчүн чоң кишилердин айтып берген аңгемелери боюнча гана белгилүү болгондуктан, сүт эмүүчүлөр көрсөтүлгөн бөлүмдөн зыяндуу кемирүүчүлөр жана закон тарабынан коргоого алынган бийик тоодо жашоочу жаныбарлар өзгөчө кызыгууну туудурат.

Фронталдуу бөлүктөн кийин жаныбарлардын биринин сырткы белгилерин баяндап жазуу жана сүрөтүн тартуу боюнча анча чоң эмес өз алдынча иш жүргүзүлөт.

Экскурсиянын аягында балдар үйгө тапшырма алып, өз алдынча иш жүргүзүшкөн жаныбар жөнүндө аңгеме жазып келишет. Аңгеме сүрөт тартуу же сүрөттөрдү чаптоо менен иллюстрацияланат. Сабакта экскурсиянын

жыйынтыктарын талкуулоо учурунда айрым аңгемелер окуп берилет.

Окуучуларды өз жергесинин жаратылышы менен, өзгөчө аны коргоого байланышкан маселелер менен тааныштыруу үчүн калк орношкон пункттарга жакын жайланышкан коруктарга (Ысык-Көл менен Токмоктун тегерегиндеги коруктарга) экскурсияларды уюштурса болот.

§ 7. Жаратылышта окуучуларды эмгек кылууга тарбиялоо

Жаратылышты коргоо проблемасы боюнча окуучуларды бардык жагынан теориялык даярдоо, башкача айтканда чыныгы материалды билүү жана жаратылышты жакшыртууга адамдын активдүү кийлигишүүсү зарыл экендигине ынангандык практикалык ишке өтүү үчүн жетишерлик негиз берет.

Өспүрүмдөрдү убагынан мурда эмгекке тартуунун кереги жоктугу жөнүндө В. А. Сухомлинский өзгөчө эскертип айткан. Мында ал алардын күч эмгегине даярдыгы жоктугун эмес, иштин моралдык жагын айткан болучу. Алар канчалык аң-сезимдүү жана квалификациялуу түрдө ишке киришсе, пландаштырылып жаткан чаралардын сандык жана сапаттык натыйжасы гана эмес, алардын тарбия берүүсүнө ошончолук көбүрөөк байланыштуу болот.

«Мектептин жаш директору менен аңгеме» аттуу эмгегинде ал, жер кыртышын байытуу боюнча жүргүзүлгөн көлөмдүү чоң жумушка балдардын ушунчалык абдан ынта коюп кызуу киришүүсүнө кандай жол менен жетишкендиги жөнүндө баяндап жазат. Кенже мектеп окуучулары менен экскурсия жүргүзгөн учурда ал адегенде аларга жаратылыш кооздугунун өзгөчө дүркүрөп өскөн жерлерин көрсөткөн. Балдардын көргөндөрүнө аябай таңыркап, чын дили менен кубангандыктарына көзү жеткенден кийин ал билдирбестен аларды өсүмдүктөрү жайкалып өскөн талаанын арасынан даана айырмаланган топурагынан башка эчтемеси жок такырайган чоң участок жерге алып барган, көрсө, ал жердин кара топурагын суу жууп кеткен экен. Бул көрүнүш ушунчалык катуу таасир эткендиктен, баары тең матап койгондой бир азга селдейип туруп калышты. Ошондон кийин бир пикирге келишип, жымжырт жаткан участокту

жандандырмак болушту. Ар бир окуучуга болжолу аянттын 10 м^2 жери туура келди. Жумуш бир нече жылга созулду: кара топурак төгүштү, жерди казып түбүн жумшартышты, жер семирткич чачып, өз убагында сугарып турушту.

Биринчи эле ийбейген жашыл өсүмдүктөр өспүрүмдөрдү аябай кубантты, анткени бул алардын талбай иштеген эмнегинин үзүрлүү натыйжасы эле. Ал тургай участоктун толук көгөрүп, жандана башташы да жаратылыш үчүн дагы кандайдыр бир пайдалуу иш кылууну катуу каалагандыкты туудурду — балдар өз мүмкүндүктөрүнө, адамдын колунан келбей турган эчтеме жок экендигине эми ишенип калышты. Андан ары бир тууган жаратылыштын тагдырына алардын ушундай катышуусу: көчөлөрдү, селону жашылдандыруу, күнгө күйүп такырайган адырлуу жерлерге жемиш багын тигүү, кант кызылчасы айдалган талааны тегерете сирень бадалдарын отургузуу, балконго гүл тигип кооздоо, Гомель областындагы Кормянск орто мектебинин окуучулары менен биргелешип Достук атындагы жемиш багын отургузуу, аралда жашоочу багыштар менен камандарды шефке алууну уюштуруу (Сырдуу дүйнөнү куруу) ж. б. адатка айланып калды.

Бирок Павлышск орто мектебинин окуучулары тарабынан өткөрүлүүчү жаратылышты коргоо боюнча бардык чаралар советтик патриотизмдин таасирдүүлүгүнүн көз карашы жагынан алып каралды. Мисалы, бешинчи класстын окуучулары экскурсияга барганда түшүмдү көп берүүчү бир нече гектар жерди «жеп кеткен» анды көрүп, жаны ачыгандык менен карашкан. Мугалим тараптан бул жөнүндө аңгеме өткөрүүнүн да, сунуш кийрүүнүн да кереги жок эле. Балдар бир тууган жерин патриоттук сезим менен карап турушту — ал жер алардын жардамына муктаж болуп турган. Экскурсиянын катышуучулары анды талкуулоо чечимин кабыл алышты. Бир нече жыл алар анын жантаймаларын айландыра эмен, ясень көчөттөрүн тигип, жамандыкты жакшылык жеңип чыкканга чейин ал көчөттөрдү камкордук менен карап, бага беришти, ошонун натыйжасында анды урап чоңоюшу токтоп, талаалар аман сакталып калды, анын урап бараткан жантаймалары канаттуулар жана башка жаныбарлар үчүн жайлуу түнөк боло турган көк-жашыл

токойго айланганы карагандардын көзүн кубантты. Кийинчерээк бул андын жээктери экскурсиялар менен сейилге чыгуулардын сүйүктүү жери болуп калды. Бул мисалдан балдар, жардамды жаратылыш шашпай күтө тургандыгына, бирок ага жакшы аракет менен сиңген эмгек эч качан натыйжасыз калбай тургандыгына ишеништи. Аң менен болгон окуя мектептин территориясын, селону жана анын чет-жакаларын жашылдандырууга окуучулардын андан ары дагы улам активдүү катышуусу үчүн өзүнчө бир түрткү берди. Мында, В. А. Сухомлинский белгилегендей, «ар бир бала канча дарак отургузганы эмес, жалгыз дарак болсо дагы ал үчүн кандай кымбат болуп калгандыгы, мына ошол аны канчалык кубанычка бөлөгөндүгү чечүүчү мааниге ээ болгон» (Гражданиндин туулушу, 256-бет). Кенже мектеп окуучуларынын короонун жанындагы участокторго Алма-эне, Алма-ата жана башкаларды отургузуулары традицияга айланып бараткандыгы буга мисал боло алат. Даракты отургузуп, аны багуу менен өз жакындарына да ошондой эле камкордук менен мамиле кылуу керектигин билдиришкендей болушкан. Тили жок болсо дагы дарак бардык анын кылган аракеттерин жана иштеген ишин, анын граждандык абийирин, адамзат тарыхы башталуучу курчап турган дүйнөгө, тири жанга карата болгон мамилесин сынап, өлчөп көргүч болуп саналган. Ушундай чаралар баа жеткис тарбиялагыч таасир этет. Өсүмдүктөр — биздин досторубуз, жашыл бак-даракгарды сактоо керек деп дайым эле эске салып айтып отуруунун эми мугалимге кереги жок болуп калат. Дарак тигип өстүргөн бала өзү эч качан жашыл жалбыракты сындырбайт жана башкаларга да жол бербейт. Окуучунун жандуу жаратылышка гумандуу мамиле кылуусун тарбиялоо жөнүндө В. А. Сухомлинский мындай деп кеңеш берген: «Мектептин короосунда өсүп турган гүлдөрдү үзбөй жүргүлө деп тыюу салып, балдарды ооздуктап туруунун кереги жок. Аларды мына ушу ооздуктап туруудан бошотуп, толук эркиндик берип көргүлөчү, бирок ал эркиндик бекер жүрбөй шыктанган эмгек менен айкалышкан болсун, силердин ар кимиңердин камкор колуңар менен сылап-сыйпап багылган гүлүңөр мектептин короосунда өсүп турсун» («Мектептин жаш директору менен аңгеме», 171-бет).

Павлышск орто мектебинин алдында анын өтө берил-

ген досторунан түзүлгөн жаратылыштын жаш коргоочуларынын тобунун авторитети тез өстү. Бат эле алар уюштуруп жаткан жаратылышты коргоо боюнча көрүлгөн чараларга бүт мектеп катышып калды. Анын үстүнө окуучулардын жаратылышты коргогуч таасири мектептин территориясына гана таралган жок. Алардын контролу айланадагы токойлорго, талааларга, шалбааларга, көлмөлөргө таралды.

Фрунзе районунун Пушкин атындагы орто мектебинин мугалими А. Жинайдулаевдин ишиндеги ушуга окшош багытын белгилей кетүүгө болот. Кыштактын четжакаларында көп гектар жерлер түшүм бербей ээн жатканын көрүп, анын окуучулары көңүл кош калтыра албады. Бир топ жыл бою чымырканып талбай иштөөнүн натыйжасында (ташын терип чыгаруу, топурагын казып жумшартуу, жер семирткич чачуу, сугаруу ж. б.) балдар ээн талаанын бир нече участок жерин калыбына келтирип, колхозго өткөрүп бериштн. Пайдасыз жаткан жерлерди өздөштүрүү улантылууда.

Башкаларга салыштырганда жакында эле пайда болгон токой аянттарын көбөйтүү максатында жүргүзүлгөн кыймыл биздин республикабыздын шарттары үчүн өзгөчө кыймыл болуп саналат.

Мына ушул планда алып караганда Ысык-Көл областындагы Мукай Элебаев атындагы орто мектептин педагогикалык жана окуучулар коллективинин иши көңүл бурууга татыктуу.

Мектеп токой чарбачылыгынын максаты — бир туугган жаратылыш жөнүндө окуучулардын билимин кеңейтүү, аларды зарыл эмгек ыкмаларына көнүктүрүү, советтик патриотизмдин сезими жана жаратылышка гумандуу мамиле кылууну тарбиялоо, ошондой эле республиканын токой аянтын көбөйтүү болуп саналат. Мунун маанниси чоң, анткени анын территориясынын 4 процентке эле жакынын токой ээлеп турат.

Токой жана анда жашоочу айбанаттар жөнүндө билимди пропагандалоо, сезондуу жумуштарга катышуу жана тигилген токойду өрт менен браконьерчиликтен коргоо токойчулуктун мүчөлөрүнүн милдетине кирет.

Мектептин токой участогун уюштуруу үчүн баарыдан мурда материалдык база, башкача айтканда жер аянты, жабдуулар, отургуза турган материал (көчөттөр жана өсүмдүктөрдүн уруктары), тосмолор, вывескалар, пла-

каттар, канаттуулардын уялары, жем чачкычтары ж. б. үчүн курулуш материалы керек.

Ушунун баары Талды-Суу токойчулугунда токой тигүү, урук жыйноо, эгин оруп-жыюу, отургузулган өсүмдүктөрдү багуу учурунда иштеп тапкан эмгек акынын эсебинен сатып алынган болучу.

Токойчулуктагы сезондуу жумуш учурунда мектептин токой участогунун территориясында активисттер эле калат, башталгыч класстардын окуучулары болсо аларга жардам беришет. Окуучулардын негизги массасы Талды-Суу токойчулугунун участокторунда — мектептен 30 км. аралыкта жайланышкан Кең-Сууда, аралыгы 12 км. Коочуда, аралыгы 7 км. Ичке-Сууда эмгектенип жатат.

Окуучулар колхоз же токой башкармасы берген транспорт менен күнүгө иштеген жерге барып-келип турушат. Жыл сайын окуучулар өз эмгеги үчүн кызыл карагайдын көчөттөрүнөн 60—70-тен алышат. Ар бир көчөт 5—6 сом турат. Эмгек акысынын эсебинен жумуш убагында тамак уюштурулган, жакшы иштегендиги үчүн республиканын көрүнүктүү жерлерине барууга каражаттар бөлүнгөн.

Окуучулар коллективинин сунушу боюнча токойчулук Совети — иштеп тапкан каражаттардын калганынын баары мектептин мастерскаяларында даярдоо мүмкүн болбогон керектүү жабдууларды алууга пайдаланылсын, деп чечим чыгарды.

Токой чарбасындагы маселелерди практика жүзүндө чечүүдө окуучуларга токой сакчысы методикалык чоң жардам көрсөтүп, аларды техникалык документацияны жүргүзүүгө үйрөтөт, жумуш убагындагы коопсуздук техникасынын эрежелерин түшүндүрүп айтып берип турат. ошондой эле бул же тигил эмгек процесстерин аткарууда инструктаж өткөрөт.

Мектеп токойчулугунун участогу 3 гектар жер аянтын ээлейт, анда кызыл карагайдын, тяньшан карагайынын, талынын, арчасынын, четинининн 3 миң түп көчөтү отургузулган.

Мектептин көп бүтүрүүчүлөрү өзүнүн андан аркы эмгегин токой байлыгын коргоо жана көбөйтүү менен байланышкан ишке арнашты.

Жаратылышка камкордук менен мамиле кылуу кыймылынын чоң демилгечиси Мария Акимовна Острякова

ондогон жылдан бери директору болуп саналган Кыргыз ССРинин Токмок шаарындагы № 1 орто мектебиндеги жаратылышты коргоо ишинин бир кыйла даана багытын белгилей кетүүгө болот. Бул мектепте алгачкы кезектеги көңүл окуу процессинин жогорку сапатына, айрым алганда биологиялык циклдеги предметтерге бөлүнөт. Бул, бирдиктүү система катарында ал жөнүндө окуучулардын терең билим алуусуна мүмкүндүк берет.

Биринчи класстан онунчуга чейин бардык класстар тартылган экскурсиялык иш бул мектепте өзгөчө кеңири жолго коюлган. 1976—1977-окуу жылынын ичинде мектептин окуучулары менен бир тууган жергебиз боюнча 134 бир күндүк жана көп күндүк жүрүштөр өткөрүлгөнүн айтсак жетиштүү болот. Анын үстүнө эгер башталгыч класстар, алардын жаш өзгөчөлүгүнө гана эмес, жаратылышты үйрөнүү программасынын сезондуу түзүлүш принцибине да байланышкандыктан, шаарга жакын жайланышкан Токмок коругуна көбүнчө бир күндүк экскурсияларды өткөрүшсө, ортоңку жана жогорку класстын окуучулары каникул убагында шаардан бир нече ондогон километр аралыкта жайланышкан жана флорасы менен фаунасы кооз Шамшы, Кегети, Кара-Коңуз капчыгайларына көп күндүк жүрүштөргө чыгууну жакшы көрүшөт.

Экскурсия убагында жаратылышка байкоо жүргүзүү менен айкалышкан теориялык билим жаратылышка кызыгууну туудурууга жана аны коргоого түздөн-түз катышууга талаптануунун булагы болуп саналат. Биологиянын мугалими Нина Васильевна Радушкинанын жетекчилиги астында көп жылдан бери иштеп жаткан жаратылышты коргоонун мектеп коомуна кирүүнү каалаган окуучуларды тандап алуу ириде ушундай жүрөт.

Азыркы учурда коомдун катарындагы кишилердин саны миңден ашып кетти, алардын ичинде 55 мугалим жана 317 кенже мектеп окуучулары бар.

Коомду башкаруунун жогорку органы — Совет — окуучулар жана педагогикалык коллективдердин өкүлдөрүнөн турат. Советтин мүчөлөрү, жалпы жетекчилик кылуудан башка, айрым штабдарды шефке алышкан («Жашыл патруль», «Жер байлыктарына карай», «Жаныбарлардын достору» ж. б.). Штабдар, өз кезегинде, отряддардын (дозорлордун) ишине жетекчилик кылат.

Советтин заседаниеси сезонго жараша айына 1—2 жолу болуп турат. Ал заседаниелерде жалпы пландар түзүлөт, штабдардын пландары талкууланат, конкурстардын, мелдештердин шарттары иштелип чыгат, докладдардын, рефераттардын тематикасы бекитилет, коомдун штабдарынын же айрым мүчөлөрүнүн отчеттору угулат ж. б.

Штабдардын заседаниелери он күндө бир жолу өткөрүлөт. Заседаниелердин мазмуну окшош, бирок иш багытына ылайык масштабы жагынан бир аз чектелген болот. Мисалы, айрым отряддардын отчеттору угулат.

Айлана-чөйрөнү коргоо проблемасына түздөн-түз тиешеси бар уюмдар жана айрым кызматкерлер менен иштиктүү байланыш түзүлгөн. Атап айтканда, Токмок коругунун кызматкерлери Кыргызстандын жаныбарлар дүйнөсүнүн ар түрдүүлүгү, айрым жаныбарлардын көндүм адаттары, канаттуулардын миграциясы, республикадагы жаратылышты коргоо ишинин системасы ж. б. жөнүндө коомдун мүчөлөрү үчүн аңгеме өткөрүп турушат. Шаардын карыя геологу М. Е. Ставский жаратылыштын тиричилигине жүргүзгөн байкоолорунун кызыктуу турмуш тажрыйбасынан окуучуларга айтып берип, өзүнүн көргөндөрүн алар менен бөлүшөт.

Мисал катарында өткөн окуу жылынын ичиндеги айрым багыттар боюнча коомдун мүчөлөрүнүн жүргүзгөн ишинин кээ бир натыйжаларына токтолуп өтөлү.

«Жаныбарлардын достору» аттуу штаб боюнча шаар менен коруктун территориясындагы кыштоочу канаттууларга таасирдүү жардам көрсөтүү пландаштырылган болучу. Коруктун кызматкерлери менен аңгемелешүүнүн, экскурсиялардын, өзүнчө байкоо жүргүзүүлөрдүн натыйжалары боюнча кыштоочу канаттуулардын болжолдуу түрдүк жана сапаттык составы, ошондой эле алар үчүн жакшыраак тоют болгудай жем алдын ала көрсөтүлгөн. Көрсө, канаттуулардын көбү отоо чөптөрдүн уругун жакшы көрөт экен, жай-күз мезгилинде андай уруктан канча болсо да жыйнап алуу анча деле кыйын эмес. 57 жем салгыч даярдалып, канаттуулар үйрү тобу менен көп келип коно турган жерлерге илип коюлган болучу. Шаардын шартында канаттуулардын уя салгандан кыйналганы байкалган. Ошондуктан окуучулар түркүн канаттууларга жарай турган 150 жасалма уя даярдап, тийиштүү жерлерге бекитип коюш-

кан. Канаттууларга уясын өз билгениндей жасалгалап, өзүнө жаккандай жабдып алуу гана калган.

Корукта жашоочуларга — нутрияларга да жатагын жылуулап жайгаштырууга балдар жардам беришет, көп башка жаныбарлар — эликтер, кыргоолдор үчүн тоют даярдашат, аларды азыктандырууга, келгин куштарды кармап, аларды шакектөөгө катышышат.

Катарында 630 киши бар «Жашыл патруль» штабы бир тууган шаарын кооздоо боюнча чоң иш жүргүзүп жатат. Окуу жылынын ичинде алар 4200 даана жемиш даректарынын көчөттөрүн, 3000 декоративдүү даректардын, 5750 даана бадал даректарынын көчөттөрүн отургузушту. Бул жумуштун баары көбүнчө шаардын жана коруктун территориясында бүткөрүлдү. Айрым алсак, шаардын территориясында аянты 2 гектар жаңы сквер, ал эми коруктун территориясында аянты 3 гектар жаңы жемиш багы негизделди. Ошондой эле токой дозорлору да 1 гектар аянттагы жаңы токой участогун негиздешкен. Андан башка, «Жашыл патрулдун» мүчөлөрү токой массивдерине көз салуу, арыктарды тазалоо, илдетке чалдыккан даректарды же бутактарды кыйып таштоо, зыяндуу курт-кумурскаларга каршы күрөшүү боюнча иш жүргүзүшөт.

Советтин мүчөлөрү, мугалимдер Н. П. Удалова, В. П. Дмитриева жана Т. Ф. Павлова башчылык кылган кенже класстардын окуучулары бул патрулдун ишине абдан активдүү катышышат. Ушул эле мезгилдин ичинде алар 1,5 миң сом суммасындагы гүлдөрдүн уругун жыйнап, аны мектептин территориясындагы 8 сотке жерге жана Улуу Ата Мекендик согуш убагында курман болгон токмоктуктарга тургузулган эстеликтин жанындагы шаардын борбордук аянтынын 2 гектар жерине себүүнү чечишкен. Алар жыйнаган 70 кг тобурчак мектептин питомнигине себилди. Кийин өсүп чыккан көчөттөрдөн ошол эле аянтка эмен дарагынан турган аллея түзүү болжолдонду. Калган уруктар шефке алган ишканаларга бөлүштүрүлүп берилет (үй тиричилигин тейлөө комбинаты, камволдук фабрика, темир-бетон буюмдарын жасап чыгаруучу завод).

«Жер байлыктарына карай» штабы райондун пайдалуу кендеринин коллекциясын түзүү, жер кыртышын

семиртүү үстүндө иштеп, анын эрозиясы жөнүндө маалыматтарды жыйнайт.

Мектептеги жаратылышты коргоо коому калган окуучулардын гана арасында эмес, жалпы шаар ичинде да зор авторитетке ээ болуп келатат. Буга баарыдан мурда алардын практикалык жетишкендиктери жардам берет. Андан башка, коомдун мүчөлөрү бир тууган жаратылыш жөнүндө билимдерди таратуу боюнча пропагандисттик чоң иш жүргүзөт. Пропаганданын негизги бөлүгү коомдун лекторлор тобуна таандык. Өткөн окуу жылынын ичинде бул топтун мүчөлөрү, жергиликтүү калктын арасындагы кварталдардын агитациялык аянтчаларын кошо эсептегенде, 42 лекция окушту.

Көргөнү келгендердин кимиси болсо да бул максат үчүн атайын бөлүп берилген кабинеттин мазмуну боюнча коомдун иши менен тааныша алат. Анда тийиштүү педагогикалык документация (пландар, отчеттор) сакталат, окуучулардын иштеген ишинин көргөзмөлөрү (гербарийлери, коллекциялары, альбомдору, рефераттары, плакаттары) стенгазеталары жаратылышты коргоо иши боюнча ар түрдүү адабияттар көрсөтүлөт. Ушунун баары окуучулардын өзүнчө жана коллективдүү жүргүзгөн ишинин, ошондой эле Совет тарабынан үзгүлтүксүз өткөрүлүп туруучу ар түрдүү чаралардын натыйжалары.

«Мектеп — кышкы бак» деген ат менен өткөрүлүүчү операция бир нече айга созулат, буга бөлмөдөгү өсүмдүктөрдү багып өстүрүү, аларды жайгаштырып коюу, конкурс жарыялоо жана жыйынтыгын чыгаруу кирет. Конкурстар сыяктуу мындай чаралар анча көп убакытка созулбайт, бирок алар абдан ар түрдүүлүгү менен бүт мектептин көңүлүн өзүнө буруп турат. Өткөн окуу жылынын ичинде гана Совет тарабынан 5 жолу конкурс (жаратылыш жөнүндө ырлар, жаратылыш жөнүндө сүрөттөр, бөлмөдөгү өсүмдүктөр, букеттердин конкурсу жөнүндө), 5 жолу майрам (Канаттуулардын күнү, Түшүм майрамы, Гүлдөрдүн майрамы, Токой күнү, Жемиш багынын күнү) даярдалып өткөрүлдү.

Жаратылышты коргоо коому жүргүзүп жаткан иштердин бүткүл комплекси табигый циклдеги предметтерди окуп үйрөнүүгө окуучулардын кызыгуусун өнүктүрүүдө жакшы таасир этет. Бир топ жылдан бери окуучулардын биология сабагы боюнча жетишүүчүлүгү 100

процентти түзгөндүгү, ал эми башталгыч класстардын мугалимдери эчактан бери эле бир класста эки жыл окуган окуучуларсыз иштеп келатышканы буга жетиштүү далил болот.

Мектептин жаратылышты коргоо боюнча коомунун жүргүзгөн иши бул проблемага түздөн-түз тиешеси бар уюмдар тарабынан жогору бааланганын сөзүбүздүн акырында белгилей кетүүбүз керек.

«Жаратылыш жана фантазия» деген ат менен өткөрүлгөн шаардык карооо катышып, мектеп үзгүлтүксүз биринчи орунду ээлеп келатат, бул болсо көп сандаган грамоталар менен далилденет.

1973-жылы мартта жаратылышты коргоо ишинин жакшы жолго коюлгандыгы үчүн мектепке түбөлүккө пайдаланууга Токмок шаардык элге билим берүү бөлүмүнүн Кызыл Туусу тапшырылган болучу.

Баалуу белектер жана акчалай сыйлыктар да коллектив үчүн адаттагыдай жаңылык болуп калды. Бирок окуучулар сыймыктанган баарынан маанилүүсү — алар 1972-жылы 13-ноябрда алган Кыргызстандын жаратылышты коргоо Коомунун эстелик медалы болуп саналат.

В. А. Сухомлинский «Гражданиндин туулушу» аттуу ишинде браконьер болуп жүргөн чоң кишилер менен да окуучулар активдүү күрөшүүгө чыккан бир катар окуяларды баяндап жазат. Бир жолу алар эмендүү токойдун арасынан шектүү иш кылып жаткан кишилерди байкап калышты. Браконьерлер узун-жоонунан келген шаңгыттай даректарды тандап, кабыгын тегерете кесип, сыйрып жатышкан эле. Мындай даректар түбүнөн кайра өспөй, бат эле куурап кала турган, ошон үчүн профилактикалык максатта аларды түбүнөн араалап кесип салууга уруксат берилүүчү. Кылмыштын маанисине түшүнгөндөн кийин балдар ыңгайлуу учурдан пайдаланышты да, билгизбей зыянкечтердин аспабын уурдап алышып, аны белгилүү бир жерге бекемдеп көөмп катып коюшту, андан кийин кылмышкерлерди кылган ишинин изин жашыруу мүмкүндүгүнөн ажыратып, акырын барып алар айдап келген машинанын ачкычын уурдап алышты.

Ошондон кийин тийиштүү органдарга кабар берилген болучу — кылмышкерлерди кармап калышты.

Андан кийинкисинде андып жүрүп браконьер-мергенчилерди таап беришкен. Мергенчилер эс алып жаткан учурда окуучулар алардын мылтыгы менен взрывчатка-

сын сууга салып чөктүрүп жиберишет, патрондорун болсо отко ташташкан. Кылмышкерлерди кармап калышкандан кийин коомчулуктун кээ бир кызматкерлери, браконьерлерге карата балдар өтө эле одонолук жана таш боордук менен мамиле кылган экен дешип, окуучулардын мындай аракеттерине кыжырланышат. Буга В. А. Сухомлинский, окуучулардын болгон окуяны кабылдоосу браконьерлердин кылмышынын мүнөзүнө толук туура келген деп жооп берген. Эми аларды жөн коюп туруп эле, болгон окуя жөнүндө тийиштүү жерге кабар кылса деле болмок. Бирок балдарда кылмышкерлерге сопусунган мамиле кылууну тарбиялоонун маанисибарбы?

Жаратылышты коргоо ишине окуучулардын активдүү катышуусу аларда жөн гана эпизоддук жараткыч мүнөздөгү керектикти гана эмес, коммунисттик курулуштун практикасына үзгүлтүксүз катышууну каалагандык сезимин да козгойт.

«Орто мектептин тарбиялагыч милдеттеринин бири,— деп жазган улуу педагог, — кыштактагы, жаратылыштын арасындагы эмгек балдардын өспүрүм жана алгачкы жигит кезинде өзүнө тартууга, кызыктуу турмуштиричилигин түшүнүүгө жык толгон духовный байлыкты үмүттөндүргөндүгүндө болуп калышында турат» («Мектеп жана жаратылыш», 45-бет). Жогоруда баяндалган материалдан бул өзүн анча-мынча чагылдырып көрсөтөт. Биз ириде мына ушул маселеге бир аз толугураак токтолуп өткүбүз келет, анткени республикабыздын башталгыч мектептериндеги көп мугалимдердин тарбиялоо ишинин бул багыты али тийиштүү түрдө тааныла электигин далай ирет байкадык. Алардын кээ бирлери, кенже мектеп окуучуларынын жаш өзгөчөлүктөрүнө таянып, мындай жол алардын чыгармачыл ой жүгүртүүсүн активдештирүүгө туура келүүчү таасир бербейт деп эсептешет.

Бирок А. С. Макаренко: «Эмгек дайыма адамзат турмушунун түпкү негизи болуп келген, ошондуктан балдардын турмушка эмгек кылуу менен катышуусу абдан эрте башталууга тийиш» деп көрсөткөн болчу (Чыг., 4-т., 400-бет).

Жаратылыш менен байланыш процессинде кенже мектеп окуучуларынын психикасына өзүнчө айрым таасир этүү боюнча байкоо жүргүзүп келаткан Кенес-

Анархай орто мектебинин мугалими В. С. Федорованын тажрыйбасы, жаратылыштын нерселери жана кубулуштары жөнүндө аңгемелерди өткөрүү аркылуу мектепке чейинки жаштагы балдардын ойлоо жөндөмдүүлүгүн активдештирүү ар тараптан өнүккөн адамды тарбиялоо багытындагы абдан таасирдүү жана максатка ылайыктуу методдор менен ыкмаларды табуунун зарыл өбөлгөсү болуп санала тургандыгын көрсөтөт.

Өзүнүн ишинде ал К. Д. Ушинскийдин: «Эгер педагогика адамды бардык жагынан тарбиялагысы келсе, анда ал дагы адегенде аны бардык жагынан билүүгө тийиш» деп айткан сөзүн жетекчиликке алат (Чыг. жыйн., 8-т., М. — Л., 1948—1952, 23-бет).

Ошондуктан мугалим жүргүзүп жаткан баланын мектепке чейинки жашынан берки турмуш-шарттары жана тарбиясы менен бардык жагынан таанышуу мугалимге алар менен иштөөдө керектүү багытын тандап алууга мүмкүндүк берет.

Өзүнүн көп сандаган тарбияланууучуларынын айрыкча өзгөчөлүктөрүнүн сезгичтигин да эске алып, кенже мектеп окуучуларынын чыгармачыл ой жүгүртүүсүнүн өнүгүшү активдүү иш-аракеттеринин шарттарында гана жүрөт деген негизги жыйынтыкка келди. Баланын акыл-эс жагынан сапаттары болсо да, анын дилгир коюучулугун, кызыгуучулугун жана активдүүлүгүн өнүктүрбөй туруп, педагогикалык ийгилик жөнүндө эч кандай сөз болушу да мүмкүн эмес — түздөн-түз табигый шарттарда балдар менен жаратылышты үйрөнүү материалдарын өздөштүрүүгө ылайыктуу мугалимдин өзүнчө айрым жасаган жыйынтыгы ушундай.

Кенже мектеп окуучуларынын өзүнчө айрым сапаттары көп кырдуу, мугалим колдонуучу аларга тарбиялагыч таасир этүү методикасы да ар түрдүү. Биздин оюбузча, жаратылыш менен байланыш процессинде балдардын өзүнө таандык жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүүгө жана алардын чыгармачыл ой жүгүртүүсүн активдештирүүгө багытталган мугалимдин иш тажрыйбасына токтолобуз.

Жаңы эле биринчи класска келген балдардын бири программага ылайык маселелерди шыпылдатып тез чыгарып жатты, анын үстүнө оозеки эсепке да мыкты болуп чыкты. Көрсө, мунун баарын өзүнүн ата-энесинин, өзгөчө билими боюнча инженер-экономист атасынын

таасири менен үйрөнгөн экен. Баарыдан мурда, бул биринчи класстын программасы боюнча балага ары-бери үстүртөн үйрөтө салуу эмес, анын жөндөмдүүлүгүн план менен иштелген квалификациялуу өнүктүрүү экендигине мугалимдин көзү жеткен. Баланын акылынын жетилишиндеги мугалим байкаган бирден-бир кемчилик — анын ой жүгүртүүсүнүн бүдөмүк багыт алышында болгон, бул болсо анын жаш өзгөчөлүктөрүнө анча ылайык келген эмес. Мисалга алсак, математикалык тил абстракттуу символдордон турганы менен, анын ары жагында айкын мазмуну болууга тийиш. Математикалык гана ыкмаларга жакшы көнүккөн балага болсо, муну реалдуу чындык менен байланыштыра билүү кыйын болгон.

Экскурсиянын жүрүшүндө мугалим адегенде окуучунун психикасына анын оң эмоцияларын өнүктүрүү жолу менен таасир этүүгө аракет кылып көргөн, бирок мындан тийиштүү натыйжа чыккан эмес. Мына ушундан улам окуучу өзүнө гана таандык математикалык жөндөмдүүлүккө ээ экендигин болжолдоого болот.

Биринчи жолу мектепке келери менен эле сейрек учуроочу жалпы жөндөмдүүлүгү менен айырмаланган окуучулар практикада көп кезигет, андай окуучулардын жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүү менен, мугалим алардын жакшы көргөн жагына адистешүүсүнө жетише алат. Бул учурда болсо башка милдетти — окуучунун өзүнө таандык өзгөчөлүктөрүн пайдалануу менен анын жалпы жөндөмдүүлүгүнө таасир этүү милдетин чечүүгө аракет кылып көрүү зарыл эле. Мына ушул максатта мугалим адегенде ага жаратылышты үйрөнүү мазмунундагы бир нече маселени чечүүнү сунуш кылат. Мисалы: «Буудай бышкан мезгилде күйкө дан эгиндерине зыян келтирүүчү чычкандардан орто эсеп менен бир күндүн ичинде алтыны кармап жок кылат. Эгер бир чычкан сезондун ичинде бир килограмм данды жок кылса, бир айда 10 канаттуу (колхоздун территориясындагы күйкөлөрдүн болжолдуу саны) эл чарбасына канча пайда келтирип турат?» Мындай маселени чыгаруу менен, бала бул жырткыч канаттулардын күндүзгү аңчылыгынын көрүнүшүн эрксизден көз алдына келтирип элестетет, анткени ал мурда эле күйкөнү көрүп жүргөн. Буга окшогон маселелер анын эсинде калгандарын айкын элестер менен байытып, ар нерсени эстеп ойлонуусун өнүктүргөн.

Бара-бара баланын тапшырмалары татаалданат. Экскурсия убагында же окуучулар тобу тарабынан, же өзүнчө айрым тартипте өткөрүлгөн байкоо жүргүзүү материалдары боюнча түзүлгөн маселелерди чечүүнү мугалим ага сунуш кылат. Мисалы: «Мектепти курчап турган территорияга жубу менен 12 чыйырчык учуп келип жайгашкан. Уялоо мезгилинде чоң канаттуулардын эртеден кечке чейин өзүнүн балапандарына 200 жолу жем тиштеп учуп келгени байкалган. Эгер ар бир учуп келгенинде бир чыйырчык бирден гусеница алып келип отурса, эки жуманын ичинде бул территориядагы чыйырчыктар жемиш багынын канча зыяндуу курт-кумурскаларын кырып жок кылган болот?» Мындай маселелердин турмуштук айкын мазмуну бар болгондуктан, анын үстүнө маселелерди түзүү үчүн материалдарды окуучулар өздөрү даярдагандыктан, окуучунун жогорку нерв системасынын ишинин продуктысы болуп саналган күндөлүк логикалык операциялар жөн гана математикалык символдордун айкалышуулары болбостон, анын психикасынан келип чыккан практикалык мүнөздөгү теориялык жаганан жөнгө салынган турмуш процесси болуп калат. Активдүү аракет кылуу процессинде алар ээ болгон турмуш түшүнүктөрү туура түзүлгөн математикалык логиканын чектеринде жайгашат.

Акырындык менен баланын математикалык билимин пайдалануу учурунда пайда болуучу жаратылыштагы көрүнүштөргө убактылуу кызыгуусу туруктуу түргө ээ болот да, эркисизден ал алган билимин андан ары колдонуу керектиги келип чыгат. Бул маселелерди өзү түзүүгө умтулуусунан айкын билинет. Бирок жаратылыш анын активдүү чыгармачылыгын канааттандыруу үчүн булак болгон бойдон кала берет, ошондуктан ага даяр жагдайлар эми жетишсиз болуп калгандыктан, аларды ал өзү түзүүгө аргасыз болот. Ага курчап турган жаратылыш кубулуштарына тереңирээк түшүнүүгө туура келет. Бул байкоо жүргүзүүлөрдөн, алардын натыйжаларын белгилөөдөн, каалагандай жагдайларды түзүү боюнча өз алдынча практикалык иш жүргүзүүлөрдөн көрүнөт. Акыркы жыйынтыгында анын чыгармачылыгы жалаң математикалык эмес, сандык болбосо дагы, мүмкүн, эмоционалдуу айкын практикалык көрүнүштөн канааттануу алат. Мисалы, кыштоочу канаттууларды байыр алдыруу боюнча иштерге катышуу (жем салгыч-

тарды даярдоо, канаттууларга жем чачуу процесси), бир жагынан, маселелерди түзүү үчүн баалуу сандык материалды берет, өзүнчө айрым алып караганда анын натыйжасынын бир кыйла тарбиялагыч мааниси бар. Экинчи жагынан, такыр башка мүнөздөгү натыйжа — кышкы суук күндө терезеден таранчынын куунак чыртылдашы, көзгө илээшпей ойдолоп бутактан бутакка учуп-конуп жүргөн кашка чымчыктар, кадимки кооз мукурлардын безеленип ырын төгүп, куюлуштуруп назик сайраганы көңүлдө кандай жакшы элес калтырат. Жаратылыштын дагы бир досу, анын жөн-жайын жакшы билгич жана активдүү коргоочусу акырындык менен ушинтип пайда болот. Мында баланын өзүнө таандык болгон жөндөмдүүлүгү мокобостон, кайра тескерисинче, анын математикалык ой жүгүртүүсү элестүү айкын мазмун менен байып, акыр-аягында математикага кызыгуусу туруктуу мүнөзгө ээ болот. Мына ушунун баары акылдын ийкемдүүлүгү сыяктуу сапаттын пайда болушуна түрткү берет, бул үйрөнүү объектисине карабастан, жалпы жөндөмдүүлүктүн өнүгүшүнө оң таасирин тийгизет.

Бул мисал жөндөмдүү окуучулар менен да өзүнчө айрым иш жүргүзүү зарыл экендигин ырастайт, бул иште, тилекке каршы, мугалимдердин баары эле практикалай бербейт. Аларды көпчүлүгү 100% жетишүүчүлүктүн артынан түшүп, бүт өзүнүн чыгармачыл энергиясын начар окуучуларга багытташат да, илим менен техниканын мурда болуп көрбөгөндөй прогресси жүрүп жаткан доорубузда бизге жөн гана жөндөмдүү кызматкерлер эмес, өзгөчө таланттуу адамдар да керек экендигин унутуп коюшат. Окуучунун жеке жөндөмдүүлүгүнө ишенүү менен чектелүүнүн педагогикалык сокурдуктан артыкчылыгы жок, анткени акылынын өсүшү жагынан баланын өз жашынан озуп кетиши анын келечектеги мүмкүндүктөрү жөнүндө пикир айтуу үчүн али эч кандай гарантия бербейт.

Кээ бир мектептерде (мындай мектептер, тилекке каршы, анча көп эмес), мектеп алдындагы участоктон башталгыч класстардын окуучулары үчүн анча чоң эмес жер бөлүктөрүн белгилеп коюшат, анда алар программага ылайык же юннаттарга, «Жаратылышты коргоо коомунун» алгачкы мектеп уюмунун мүчөлөрүнө жардам катарында практикалык тажрыйба иштерин жүргүзү-

шөт, «Жашыл патрулдардын» ж. б. ишине жардам беришет же өздөрү катышышат. Мисалы, Базар-Коргон районунун Хамза атындагы орто мектебинин мугалими С. Исманлов мектеп менен кыштактын территориясын жашылдандыруу процессинде отургузулуучу материалды өстүрүүгө даярдыгы бар жана кызыккан кенже класстардын айрым окуучуларын да тартып, аларга эң эле ар түрдүү, тажрыйба жүргүзүүгө чейинки жумуштарды тапшырып турат. Көп учурларда начар жетишкен окуучулар да алардын арасында болуп калышат. Адаттагыдай, мындай кызыктыруучу жана коомдук пайдалуу эмгек кандайдыр бир өлчөмдө аларды алдыга тартып, ак ниеттүүлүктү тарбиялайт, бул жаратылышты үйрөнүүдөн башка предметтер боюнча да жетишүүсүнө оң таасирин тийгизет.

Фермаларга, кушканаларга, кашарларга жакын жайланышкан кээ бир кыштактык мектептердин кенже окуучулардын малдын төлүн шефке алышын уюштурууга мүмкүндүгү бар, анткени балдар үчүн бул сүйүктүү иш.

Быстровкадагы №1 мектеп-интернаттын мугалими В. И. Сизова көмөк чарбанын мал короосунда ушундай жумушту уюштурууда. Балдардын малдын төлүн багышынын жакшы тарбиялагыч таасири жөнүндө айтпаганда деле, бул алардын айрымдарында курчап турган жаратылышты таанып-билүүгө жана ошого ылайык жаратылышты үйрөнүү материалдарына өзгөчө кызыгууну туудуруп, алардын алдына коюлган милдеттерди чечүүгө чыгармачыл мамиле кылууга умтулууну тарбиялайт.

Мейли жөнөкөй болсун, мейли татаал болсун, өзүнчө айрым тапшырмаларды бөлүштүрүүдө ал мындай бир психологиялык өзгөчөлүктү эске алат: ар бир окуучу өз алынча аткарган милдетинин ийгилигин сезип көргүдөй болууга тийиш.

Мына ушинтип, окуучуларды, алардын өзүнчө айрым сапаттарын эске алуу менен, жаратылышты активдүү таанып-билүү процессине тартуу боюнча мугалимдин туура багытталган иши ага коюлган максатка жетишүүгө — чыгармачыл ой жүгүрткөн адамды тарбиялоонун бекем негизин түзүүгө бир кыйла жардам берет.

МАЗМУНУ

Кириш сөз 3
§ 1. Жаратылыш менен байланыш процессинде окуучулардын акылынын жетилиши 4
§ 2. Курчап турган жаратылыштын арасында окуучулардын элестетүү жөндөмдүүлүгүн жетилтүү 16
§ 3. Жаратылышты таанып-билүү процессинде оң таасир тийгизүүчү эмоциялардын ролу 22
§ 4. Жаратылыш менен байланыш процессинде окуучулардын диалектикалык-материалисттик көз карашын калыпташтыруу 38
§ 5. Жаратылышта окуучуларга атеисттик тарбия берүү . . 46
§ 6. Ар нерсеге кызыгуу жана зээндүүлүк жаратылышка гумандуу мамиле кылууну тарбиялоонун каражаты катарында экендиги 51
§ 7. Жаратылышта окуучуларды эмгек кылууга тарбиялоо . . 60

Борис Семенович Тетенькин

ИДЕИ В. А. СУХОМЛИНСКОГО О ПРИРОДЕ В ПРАКТИКЕ ШКОЛ КИРГИЗИИ

(На киргизском языке)

Издательство «Мектеп»

Которгон *Бекбосун Орозалиев.* Редактор *С. Сагынбаев.* Худ. редактор *А. Байборуев.* Тех. редактор *Ш. Борчубаева.* Корректор *Ж. Дылдаев.*

ИБ № 1483

Терүүгө 01. 12. 1978 ж. берилди. Басууга 04. 05. 1979 ж. кол коюлду. Д—03651. № 1 типография кагазы. Кагаздын форматы 84×108$^{1}/_{32}$. Адабий ариби. Жөнөкөй ыкма менен басылды. 2,375 физ. басма табак, 3,99 шарттуу басма табак, 4,04 учёттук басма табак. Нускасы 2000. Заказ № 509. Баасы 15 т.

«Мектеп» басмасы

720361, ГСП, Фрунзе ш., Совет көчөсү, 170.

Кыргыз ССР басма, полиграфия жана китеп соода иштери боюнча мамлекеттик комитети. Кыргыз ССРинин 50 жылдыгы атындагы Кыргызполиграфкомбинаты.
720461, ГСП, Фрунзе, 5, Жигули көчөсү, 102.